# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | ИЮНЬ **2020** | **№ 6 (104) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

Курч маселелер: жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык төмөн болсо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине ичи чыкпагандар да ошончолук көп болот ........ 2

COVID-19 эпидемиясы эркектерге жана аялдарга кандай таасирин тийгизди? ........ 6

Өзгөчө жабыркаган топтор ........ 7

Кимиси көбүрөөк аярлуу – эркектерби же аялдарбы? ........ 10

Эмне кылыш керек? ........ 12

### Жарандардын ЖӨБго катышуусу

Жарандар ЖӨБ органдарына жардам берүүгө даяр. Бирок алар катышуунун жаңы формаларына жана иштин ачык-айкын болушуна муктаж ........ 15

Жарандардын ЖӨБго катышуу укугу ........ 15

Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу ........ 17

Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жеке катышууга болгон даярдыгы ........ 19

Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуусу ........ 23

ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугунун деңгээли ........ 24

Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине канааттануусу ........ 24

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Долбоордун максаттуу муниципалитеттеринде Биргелешкен аракеттер планын (БАП) жана Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) иштеп чыгышты ........ 26

COVID-19 пандемиясынын шартында жарандарды Биргелешкен аракеттери пландарын (БАП) жана Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын (СЭӨП) даярдоо процессине тартуу ........ 28

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# КУРЧ МАСЕЛЕЛЕР: жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык төмөн болсо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине ичи чыкпагандар да ошончолук көп болот




**Кыргызстанда үч жыл катары менен Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялашты. Аймактарды өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары негизги "кыймылдаткыч" күч болуп бериши керек эле. Бул үчүн аларда жетиштүү ресурстар барбы? COVID-19 кризисинен улам республикалык бюджеттердин кыскарышы жергиликтүү бюджеттерге кандай таасирин тийгизди? Жаңы окуу жылында окуучулардын эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылыш үчүн аларда ресурстар жетиштүү болобу? Ушул жана башка суроолорго 2020-жылдын 17-июнунда "АКИ-пресс" маалымат агенттигинде ЖӨБ Союзунун директору Өмүрбек АЛМАНБЕТОВ, ӨСИнин башкаруу төрайымы, "Муниципалитет" журналынын башкы редактору Надежда ДОБРЕЦОВА, Чүй облусунун Аламүдүн айылдык аймагынын башчысы Найзабек КӨЛБАЕВ, ЖӨБЭММАнын жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча башкармалыгынын жетекчиси Азамат ШАМЕЕВ жооп беришти. Медиа каражаттарынын өкүлдөрү менен дискуссия болбой калды, себеби басма сөз жыйыны онлайн форматында өттү. Буга карабастан баяндамачылардын ар бирине кырдаалга карата өз пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилди. Пресс-сессия ПРООН / SDC каржылаган "Мыйзам долбоорлорун талкуулоодо КР Жогорку Кеңешинин жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эсепке алуусу" аттуу долбоордун колдоосу менен өттү. Ошондой эле пресс-сессияга Швейцария Өкмөтү (SDC) каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору да колдоо көрсөттү.**

**"Муниципалитет" журналы басма сөз жыйыны маалында талкууланган өзгөчө курч маселелерди назарыңызга сунуш кылат.**

**Өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча долбоорду даярдоо баскычында Өкмөт сунуш кылган кыскартылган бюджет мынчалык позитивдүү көрүнгөн эмес**

**Млрд. сомов менен:**

| Өкмөттүн сунуштары | | Такталган бюджет |
|---|---|---|
| Дем берүүчү үлүштүк гранттар -0,600 | 100% | -0,0 |
| Максаттуу трансферттер -1,057 | 43% | -0,598 |
| Капиталдык салымдар -3,000 | 33% | -2,011 |

## COVID-19 эпидемиясынан жергиликтүү бюджеттер жоготууга учурап жатабы?

Ооба, учурап жатышат. Аларга жергиликтүү салыктар түшпөй калды, алар өзүнүн да, өкмөттүн да милдеттенмелерин кошо каржылоого мажбур болушууда. Мисалы: дезинфекциялоо үчүн хлор кошулган дарыларды алуу; дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү үчүн күйүүчү-майлоочу материалдарды сатып алуу; коргонуучу кийимдерди, беткаптарды, антисептиктерди, тепловизорлорду, респираторлорду, коргоочу көз айнектерди сатып алуу; калктын аярлуу катмарларына материалдык жардам көрсөтүү (ун, кумшекер, өсүмдүк майы ж.б.); өткөрмө бекеттер үчүн вагондорду жана боз үйлөрдү тургузуп берүү өңдүү иштерди каржылап жатышат.

## Республикалык бюджеттин кыскарышы ЖӨБ органдарынын өз функцияларын аткаруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды десек болобу?

Жок, антип айтууга болбойт. Бирок терс таасири болду. Жергиликтүү бюджеттердин көлөмү 7 пайызга кыскарды. Бирок жергиликтүү салыктардан киреше түшпөй калгандыктан мындан ары да жоготуулар болушу ыктымал. Бир караганда бул андай деле көп эмес суммадай көрүнүшү мүмкүн. Бирок башка өкмөттөрдүн эпидемия маалында кандай чараларды көргөнүн, эл аралык тажрыйбаны эске алсак, көпчүлүк өлкөлөрдө өкмөт жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берген жардамын көбөйттү. Себеби дал ушул жергиликтүү бийлик оору менен күрөштө алдыңкы катарда турганын түшүнүштү.

## Жогорку Кеңештин депутаттары КР Өкмөтүн жергиликтүү бюджеттерди кыскартуу боюнча өз сунушун өзгөртүүгө мажбур кылганы туура болдубу?

Депутаттар туура иш жасашты. Бирок алар жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары үчүн акыркы коргоочу таяныч болуп калбашы керек. Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү баскычында диалог болушу керек эле, КР Өкмөтү менен ЖӨБ органдарынын атынан алардын ыйгарым укуктуу өкүлү – ЖӨБ Союзу ортосунда кызыкчылыктар макулдашылууга тийиш болчу. Парламентке өкмөт менен жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары ортосунда макулдашылган, жергиликтүү жамааттарга жана аймактардын өнүгүүсүнө зыян келтирбей турган сунуштар түшүшү керек болчу. Бюджеттик чыгашаларды бөлүштүрүп жатканда Өкмөт жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эсепке алууга тийиш.

**Бирок дагы бир жолу айтабыз – депутаттар жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары үчүн соңку коргоочу таяныч болбошу керек. Парламентке Өкмөт менен жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары ортосунда макулдашылган, жергиликтүү жамааттарга жана аймактардын өнүгүүсүнө зыян келтирбей турган, салмактуу сунуштар түшүшү керек болчу. Бюджеттик чыгашаларды бөлүштүрүүдө Өкмөт жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эсепке алууга тийиш. Бирок бүгүнкү күндө мындай болгон жок. Кызыкчылыктарды макулдашуу процесси зарыл. Бул үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү абзел (КРны 2040-жылга чейин өнүктүрүү Стратегиясында да, Ачык өкмөт боюнча Улуттук иш-аракеттер планында да жазылган).**




Бирок бүгүнкү күндө мындай болбой жатат. Себеби кызыкчылыктарды макулдашуу процесстин өзү жок. Процессти түзүп, жол-жоболоштуруу үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Атүгүл бул нерсе КРны 2040-жылга чейин өнүктүрүү Стратегиясында да жазылган жана Ачык өкмөт боюнча Улуттук иш-аракеттер планынын бир бөлүгү болуп саналат.

## Депутаттар жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын натыйжалуу коргой алыштыбы?

Ооба, бир кыйла эффективдүү коргоп беришти. Республикалык бюджетти секвестрлөөнүн натыйжасында жергиликтүү бюджеттердин кирешесин кыскартуу КР Өкмөтү сунуш кылгандай олуттуу болгон жок. Мында ЖӨБ органдарын коргоп чыккан КР Жогорку Кеңешинин депутаттарынын эмгеги чоң. КР Өкмөтү берген сунуштар менен салыштыра келгенде, депутаттар жергиликтүү бюджеттерди каржылоону кыскартуунун соңку суммасын бир кыйла төмөн кыла алышты:

- дем берүүчү гранттарды толугу менен коргоп калышкан, алардын бери дегенде жарымы – бул мектептер, бала бакчалар жана саламаттык сактоо объекттери. Болжол менен бешинчи бөлүгү – инженердик инфраструктура объекттери, ага суу менен жабдуу жана суу бөлүштүрүү системалары, ошондой эле таштанды полигондору да кирет. Бул объекттердин баары талаптагыдай абалга келтирилүүгө тийиш, себеби алар жарандардын коопсуздугуна таасирин тийгизет;
- максаттуу трансферттердин кыскартылышын дээрлик эки эсе азайтышты;
- капиталдык салымдардын үчтөн бирин коргоп калышты.

## ЖӨБ органдары бардык муктаждарга жардам бере алабы?

Өз бюджеттеринин чегинде жардам бере алышпайт, себеби бардык чыгымдарды үнөмдөөгө мажбур болуп, жарандарга кошумча жардам бөлүп берүүгө каражат болбой калат. Бирок өзгөчө



кырдаалда жана өзгөчө абал маалында оор турмуштук кырдаалда калган үй-бүлөлөрдү азыктүлүк менен камсыз кылуу боюнча иш-чараларга Өкмөт жергиликтүү бюджеттерге 106 миллион сом бөлүүдө. Бул каражат Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бюджеттик резервинен алынды. Бул демек, ар бир айылдык муниципалитет 200-250 миң сомдон алат (шаарларды кошпогондо). Бул акча болжол менен 71 миң кап ун алганга жетет (бир кап ун 1500 сом болот деп эсептегенде). Ошондо 15-20 үй-бүлөгө бир каптан ун туура келет. Мыйзамдар жана бюджет ЖӨБ органдарына бизнеске жардам берүүгө жол бербей турганын да белгилей кетели.

## ЖӨБ органдарынан башка дагы ким кризистен жабыркагандарга, анын ичинде ишкерлерге жардам берет?

КР Өкмөтү жергиликтүү бюджеттерден тышкары аймактарга финансы агымдарын жолдоп жатат:

- Аймактарды өнүктүрүү фонддорун каржылоо бир кыйла көбөйдү – 0,613 млрд. сомго (2,5 эсе көбөйдү); облустарды өнүктүрүү фонддору 0,466 млрд. сомго көбөйдү (2,6 эсе көбөйдү);
- бизнести колдоого 3,876 млрд. сом каралган, бекитилген бюджетке карата жалпысынан 1,804 млрд. сомго көбөйдү;
- айыл чарба жумуштарын өз убагында өткөрүп алуу үчүн республикадагы элеттик товар өндүрүшчүлөрүнө мамлекеттик колдоо күчөтүлдү. Бул үчүн кошумча 1,0 млрд. сом каралган; коммерциялык банктардын (“Айыл чарбасын каржылоо-8” долбоорун ишке ашырууга катышкан банктардын) пайыздык ставкаларын субсидиялоо үчүн - 0,250 млрд. сомго көбөйтүү менен 0,850 млрд. сом.

## Жергиликтүү бюджеттерди кыскартуу менен калк үчүн тобокелдиктердин ортосунда байланыш барбы?

Бар. ЖӨБ органдарынын окуучулардын эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү өзгөчө терең тынчсызданууну жаратып жатат. Бир көйгөй бар: республикалык бюджеттеги каражаттын эсебинен мектептерди кароого кеткен чыгымды КР Билим берүү министрлигине өткөрүп берүү тууралуу өкмөттүн чечими бар болгонуна карбастан, бул аткарылган эмес. Ошондуктан мектептерди каржылоо үчүн жоопкерчилик мурдагыдай эле ЖӨБ органдарында кала берүүдө. Мектептердин абалы санитардык нормаларга жооп бербейт (бул маалымат Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүүгө жасалган Улуттук ыктыярдуу сереп, 4-максат долбоорунан алынды): мектептердин 48,1 пайызында гана ичүүчү таза сууга жеткиликтүүлүк бар; мектептердин 19,7 пайызында гана ички санитардык түйүндөр бар; мектептердин 20,9 пайызында гана ысык сууга жеткиликтүүлүк бар.

2019-жылы эле КР Өкмөтү жалпы билим берүүчү мектептерди мамлекеттин менчигине, КР Билим берүү министрлигинин башкаруусуна өткөрүп берүү тууралуу маселени караган. Бирок кабыл алынган чечимге жана ошол кездеги саясий эркке карабастан бул маселе ошол бойдон чечилбей калган. “Окуучулардын эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылуу үчүн ЖӨБ органдары мектептерди талаптагыдай санитардык шарттар менен камсыздай алабы?” деген суроо ушул күнгө чейин ачык бойдон кала берүүдө.

## Жергиликтүү бюджеттерди кыскартуу жана жетиштүү каржылабай коюу дагы кандай тобокелдиктерди пайда кылат?

Бюджеттердин кирелешеринин катышы дээрлик өзгөргөн жок. Бул демек, финансылык децентралдаштыруунун деңгээли төмөн бойдон калып жатат, бюджеттик туюнтмасынан алганда аймактарды өнүктүрүү саясаты ишке ашырылган жок дегенди билдирет.

Бирок жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык аз болсо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине ичи чыкпагандар да ошончолук көп болот. Жергиликтүү бийликтин ишине наразычылык жалпысынан бийликке карата наразы маанайды жаратат. Бул көрүнүш 2010-жылы өзгөчө жакшы билинген. Ошондо ЖӨБ органдарынын чабалдыгы, 2008-2009-жылдары кыскартылган ыйгарым укуктары жана азайтылган бюджеттер элдин наразычылыгына себепчи болгон. Эл жеринде жашоо оңолбой жатканын айтып чыккан эле. Ошондуктан жергиликтүү бюджеттерди жетишсиз каржылоо бийлик үчүн да, социалдык туруктуулук үчүн да өтө кооптуу.

## Дотацияда турган айыл өкмөттөрдүн санын кыскартууга умтулуудан майнап чыгабы?

Дотацияда турган ЖӨБ органдарынын санын кыскартууну кандайдыр бир ийгиликтин көрсөткүчү катары эсептөө – толугу менен сандырак сөз. Азыркыдай шарттарда, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы борборлоштурулган бойдон калып жатканда, ал эми ЖӨБ органдарына улам жаңы ыйгарым укуктар жана милдеттер жүктөлүп жаткан учурда дотациядагы ЖӨБ органдарынын санынын өсүшү же кыскарышы бир гана нерсени чагылдырып турат: ЖӨБ органдары жайгашкан жерине карабастан алардын иши үчүн жок дегенде минималдуу даражада тең шарттарды камсыз кылып берүүгө өкмөттүн акчасы жетип-жетпегенин көрсөтөт. 2020-жылы өкмөттөн кошумча жардам алса, дотацияда турган ЖӨБ органдарынын саны көбөйөт. Эгерде кыскарса, анда бул демек, жашоо шартка наразы адамдардын саны көбөйөт дегенди билдирет. M

# COVID-19 эпидемиясы эркектерге жана аялдарга кандай таасирин тийгизди?

## COVID-19дун Кыргыз Республикасында жашаган аялдардын жана эркектердин абалына тийгизген таасири. 2020-жылдын 15-майына карата ыкчам гендердик анализ



**COVID-19дун жайылышынын кесепеттерине ыкчам гендердик анализ жүргүзүү демилгесин Европа жана Борбор Азия өлкөлөрү үчүн БУУ-Аялдар түзүмүнүн Регионалдык кеңсеси көтөрүп чыккан. Бул анализ Women Count гендердик маалыматтарды жана статистиканы жакшыртуу боюнча программасынын алкагында жасалды. Ошондой эле кошумча сунуштарды БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун Регионалдык кеңсеси берди.**

**Анализ 2020-жылдын 23-апрелинен 15-майга чейинки мезгил аралыгында бир нече уюмдун күчү менен жасалды. Алар: «SIAR Research & Consulting» эл аралык изилдөө компаниясы, "Кризистик Борборлор Ассоциациясы", "«Курак» Аялдар Форуму", "Ишкер, демилгелүү аялдар", "Карылар үчүн ресурстук борбор", "Ачык линия", "Кыргыз Республикасындагы Чыгыш-Батыш СПИД фонду" уюмдары менен өнөктөштүктө "Социалдык технологиялар агенттиги" өкмөттүк эмес уюму. Изилдөө жүргүзүүгө "БУУ-Аялдар" Түзүмү, Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги, Европа Биримдиги[1] жана ЮНФПА финансылык колдоо көрсөтүштү.**

**Бул анализдин жыйынтыктары жана сунуштамалар мамлекетке, Кыргыз Республикасынын жарандык коомуна, ошондой эле өнүгүү боюнча эл аралык өнөктөштөргө COVID-19га реакция жасоо боюнча чараларда гендердик өңүттөрдү эске алууга, эпидемиянын кыз-келиндерге тийгизген терс таасиринин кесепеттерин азайтууга жардам берет.**

[1] ЕБ-БУУнун «Спотлайт» глобалдык демилгесинин алкагында: http://spotlightinitiative.org/

*1-таблица. 2019-жылы жана 2020-жылы январдан мартка чейинки мезгил аралыгында үй-бүлөлүк зомбулук боюнча катталган учурлар[1]*

| | 2019-ж. | 2020-ж. | % менен |
|---|---|---|---|
| **Үй-бүлөлүк зомбулук учурлары, баары:** | **1404** | **2319** | 65,1 пайызга өсүш |
| *Алардын ичинен:* | | | |
| Күч колдонулган зомбулук | 953 | 1425 | 49,5 пайызга өсүш |
| Психологиялык зомбулук | 382 | 799 | 109,2 пайызга өсүш |
| Сексуалдык зомбулук | 2 | 5 | |
| Экономикалык зомбулук | 0 | 0 | |
| Тоготпогон мамиле | 67 | 90 | 34,3 пайызга өсүш |
| Берилген коргоо ордерлердин саны | 1347 | 2319 | 72,1 пайызга өсүш |
| Козголгон кылмыш иштери | 214 | 105 | 49,0 пайызга өсүш |

[1]Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Маалыматтык технологиялар боюнча башкы башкармалыгы берген маалымат

Глобалдык масштабдан алып караганда, пандемия аялдардын жана эркектердин абалына ар башкача таасирин тийгизген. Пандемия алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, теңсиздиктин жана гендердик зомбулуктун масштабын кеңейткен. Бул биринчи кезекте салттуу түрдө кызмат көрсөтүү секторуна багыт алган ишкер аялдардын киреше булагына таасирин тийгизди. Саламаттык сактоо, социалдык коргоо жана билим берүү системасында иштеген аял кызматкерлердин басымдуу бөлүгү илдетти жуктуруп алуу коркунучуна кабылышты, карантин шарттарында үйдөгү түйшүк да арбыды.

Кыргызстанда бул кырдаалдын өзгөчөлүгү да бар. Ал өлкөнүн географиялык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, экономиканын кошуна өлкөлөрдөн көз карандуулугуна, тышкы эмгек миграциясынын өтө жогорку деңгээлде болушуна байланыштуу. Кыргызстан боюнча анализдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, өзгөчө түрдүү басмырлоого туш болгон аярлуу топторго кирген аялдар эркектерге караганда кризистин таасиринен көбүрөөк жабыркаган.

## Өзгөчө жабыркаган топтор

### Ишкер аялдар

Өзгөчө кырдаал киргизгенден кийин эң көп экономикалык зыянды бейформал кызматкерлер жана өзүнө иштеген кызматкерлер сезди. Алар кирешесинен жана иш ордунан ажырашты. Көпчүлүк аялдар социалдык ишкерчилик секторлорунда, жеңил өнөр жай тармактарында, “сулуулук индустриясында”, соодада, туризмде, кызмат көрсөтүү тармактарында, коомдук тамактануу жайларында жана коомго кызмат көрсөткөн башка чөйрөлөрдө иштешет. Эрежеге ылайык, бул тармактарда калктын керектөө жөндөмдүүлүгүнө сезгичтик өтө жогору. Жалданган жумушчу катары иштеген аялдар адатта компаниянын жана уюмдун персоналдарынын түзүмүндө төмөнкү жана орточо катмарында турушат.

Коронавирустун жайылышына, карантин чаралары киргизилгенине жана улуттук валютанын нарксызданышына байланышкан кырдаал аялдардын ишкерлик кыймылына сокку урду. Ишкерлердин бул тобунун өзгөчө аярлуу болгонунун бир себеби бар: аялдардын бизнеси негизинен “сулуулук индустриясы” чөйрөлөрүндө кызмат көрсөтүү секторунда жана соодада орун алган.

### Эмгек мигранттары

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматына ылайык, ушул тапта 750 миңден ашык кыргызстандык чет өлкөлөрдө иштеп жүрүшөт. Өлкөдөгү ар бир төртүнчү үй-бүлөнүн ичинен бир же андан ашык мүчөсү мигрант болуп саналат. Чек аралар жабылган учурда 5 миңге жакын кыргызстандык өлкөгө кире албай, кайсы жерде болсо, ошол жакта калууга мажбур болушту. Алардын мекенинде калган үй-бүлөлөрү, өзгөчө балдары дагы бир аярлуу топту түзөт. Мигранттар иш издеп барган өлкөлөрдө алардын иштөөгө уруксат берүүчү документтеринин мөөнөттөрү бүтүп калды, иштеген жери карантин маалында жабылып, жумушсуз калышты. Акчанын жоктугу, вирусту жуктуруп алуу коркунучу, мекенинен алыс жерде, жакындарын жана балдарын сагынып, куса болуп жүргөнү бул мигранттарды пандемия маалында ого бетер аярлуу кылып жатат. Көзөмөлдөөгө болбогон кырдаалда калган

*1-диаграмма. Эпидемияга байланыштуу эмгек өргүүсүнө чыгууга мажбур болдуңузбу? (% менен)*



***2-таблица. Эркектердин жана аялдардын негизги киреше булактары, % менен***

| | Аялдар | | Эркектер | |
|---|---|---|---|---|
| | Киреше булагы болуп саналат | **Жалгыз** киреше булагы болуп саналат | Киреше булагы болуп саналат | **Жалгыз** киреше булагы болуп саналат |
| Айыл чарбасынан түшкөн киреше | 47 | 4 | 58 | 2 |
| Жеке бизнестен, үй-бүлөлүк бизнестен, фрилансердик иштен түшкөн киреше | 26 | 3 | 45 | 5 |
| Акы төлөнгөн иштен түшкөн киреше, маяна | 40 | 11 | 52 | 11 |
| Кыймылсыз мүлккө салынган инвестициядан, топтогон акчадан түшкөн киреше | 4 | 0 | 18 | 0 |
| Пенсиялар, башка социалдык төлөмдөр | 30 | 4 | 27 | 2 |
| Айыл чарба продукциясы, мал чарбасынан түшкөн киреше | 25 | 1 | 47 | 0 |
| Чет өлкөдө жашаган адамдардан келген акча | 25 | 2 | 28 | 0 |
| Үй-бүлөнүн, достордун колдоосу (акча, азык-түлүк ж.б.) | 26 | 4 | 35 | 2 |
| Мамлекеттик колдоо | 9 | 0 | 22 | 0 |
| Кайрымдуулук | 3 | 0 | 16 | 0 |

мигранттар, башпаанек издеген адамдар, эксплуатациялоого туш болгон жана соода предметине айланган адамдар COVID-19га кабылуу коркунучу жогору топторго киришет. Себеби зарыл коргонуу каражаттары болбосо, алар жашаган же иштеген чөйрө бул адамдарды тобокелдикке түртүп жатат.

## Саламаттык сактоонун адистери

Дарыгерлер, медайымдар, санитардык кызматкерлер жана ооруканадагы башка жумушчулар – коргонуучу кийимдерге жана беткапка карабастан (булардын саны жана сапаты пандемия башталганда талапка жооп берген эмес) илдетти жуктуруп алуу коркунучу жогору топко киргендер. Бул топко киргендер ооруну өтө оор көтөрүүдө. Айталы, 9-апрелге карата маалыматтар боюнча, Кыргызстанда COVID-19ду 32 медициналык кызматкер жуктуруп алган. Ал эми 10-майга карата медкызматкерлердин арасында илдетти жуктуруп алгандардын саны 232 адамга жетти. Алардын ичинен 176 адам сакайып чыкты. Өлкө боюнча коронавирустан көз жумган 12 адамдын арасында №3 Үй-бүлөлүк медицина борборунун дарыгерлер тобунун жетекчиси да бар.

Кыргызстанда жынысы боюнча бөлүштүрүп маалымат берүү боюнча кандайдыр бир позитивдүү тажрыйба бар болгонуна карабастан (илдетти жуктуруп алгандардын саны боюнча статистика күн сайын жыныска бөлүп жарыяланып турат), ооруну жуктуруп алган, сакайып чыккан, ооруканага жаткырылган жана көз жумган медициналык кызматкерлерге байланыштуу жынысы боюнча статистика айтылбайт. Саламаттык сактоо системасында иштеген улгайган аялдарга өзгөчө көңүл бөлүш керек. Алар эки эсе көбүрөөк коркунуч бар болгонуна карабастан, өз ишин уланта беришүүдө.

Ошондой эле аярлуулардын тобуна социалдык кызматкерлер да кирип калды. Алардын басымдуу бөлүгү – аялдар. Алар өзгөчө абал шарттарында калктын аярлуу топторуна социалдык колдоо көрсөтүү боюнча иштерди уюштуруу менен алектенип жүрүштү. Алар жөн гана тизме түзүп, маалыматтарды тактап коюп тим болушкан жок. Бул аялдар гуманитардык жардамды түздөн-түз жеткирүүгө да аралашты. Бул болсо социалдык кызматкерлердин өздөрүн да, алардын үй-бүлөлөрүн да тобокелдикке түртүп жатат.

***2-диаграмма. COVID-19дун жайылышы сиздин бизнесиңизге кандай таасирин тийгизүүдө? (% менен)***




Өзгөчө абал шарттарында жана карантин маалында мектептерде жана жогорку окуу жайларында иштеген мугалимдерге жана окутуучуларга кошумча түйшүк түштү. Алардан онлайн форматында окуу материалдарын чукул арада даярдап чыгууну талап

***3-таблица. COVID-19дун таасири алдында сиздин жеке ресурстарыңыз, киреше булактарыңыз азайдыбы? (% менен)***

| | 1-3 балалуу үй-бүлөлөр | 4 жана андан көп баласы бар үй-бүлөлөр |
|---|---|---|
| Айыл чарбасынан түшкөн киреше | 11,9 | 14,1 |
| Жеке бизнестен, үй-бүлөлүк бизнестен, фрилансердик иштен түшкөн киреше | 21,1 | 23,9 |
| Акы төлөнгөн иштен түшкөн киреше, маяна | 18,9 | 18,4 |
| Кыймылсыз мүлккө салынган инвестициядан, топтогон акчадан түшкөн киреше | 2,6 | 2,2 |
| Пенсиялар, башка социалдык төлөмдөр | 5,1 | 5,4 |
| Айыл чарба продукциясы, мал чарбасынан түшкөн киреше | 6,8 | 9,7 |
| Чет өлкөдө жашаган адамдардан келген акча | 18,5 | 23,9 |
| Үй-бүлөнүн, достордун колдоосу (акча, азык-түлүк ж.б.) | 15,1 | 25,0 |
| Мамлекеттик колдоо | 6,0 | 13,0 |
| Кайрымдуулук | 5,3 | 10,9 |

кылышты. Аны менен катар бул мугалимдердин потенциалын жогорулатуу боюнча кошумча окуулар уюштурулган жок жана атайын чаралар да көрүлгөн жок. Психологиялык чыңалуу, балдарды багуу жана үй-бүлөдөгү кошумча түйшүк аз болгону келгенсип, бул мугалимдерге дагы чоң жүк түштү: аларда аралыктан окутууга көндүмдөрү да, бул багытта зарыл билими, жада калса жөнөкөй техникалык каражаттары болбосо да, жаңы шарттарга ылайыкташып иш алып барууну талап кылышты. Ошону менен бирге мугалимдер өзүнүн негизги массасында айлыгы аз кызматкерлердин катарына кирет жана алардын үй чарбасы адатта “бюджеттегилердин жакырчылыгы” өңдүү көрүнүш менен мүнөздөлүп келет.

## Үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары

COVID-19 эпидемиясы башталып, өзгөчө абал режими киргизилгенден кийин үй-бүлөлүк зомбулукка байланышкан жагдай кескин начарлап кетти. КР Ички иштер министрлигинин маалыматына ылайык, 2020-жылдын январынан март айына чейин тартип коргоо органдары үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча 2319 кайрылууну каттаган. Бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 65 пайызга көп дегенди билдирет. Жабырлануучулардын 95% - 21 жаштан 50 жашка чейинки курактагы аялдар. Сандык жагынан алганда күч колдонулган зомбулук фактылары үстөмдүк кылат. Бирок психологиялык зомбулук көрсөтүлгөн учурлар да өтө көбөйгөн. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу мындай зомбулук фактылары эки эсе көп катталды.

2020-жылдын 25-мартынан 15-майга чейинки мезгил аралыгында өзгөчө кырдаал киргизилген калктуу конуштарда 325 үй-бүлөлүк зомбулук учуру катталган. Кризистик борборлор ассоциациясынын баасы боюнча, көпчүлүк учурлар ачыкка чыкпаган бойдон кала берет. Себеби аялдар оору жугат деп коркуп, ооруканага көрүнүүдөн баш тартууда. Алар тартип коргоо органдары зомбулук жасаган адамга карата эч кандай чара көрбөйт деп эсептешет. Ошон үчүн үйүнө кайтып келгенде кайра эле зомбулук көрсөткөн адам менен жашоого мажбур болушат. Обочолонуу режиминде калган аялдар туугандарына кетип кала албайт, күйөөсүнөн экономикалык жактан көз каранды, батир акысын өз алдынча төлөй алышпайт жана башка толтура себептер бар. Тергөө аракеттеринин жана соттордун иштеринин убактылуу токтотулушу да зомбулуктун курмандыгы болгон аялдардын абалын ого бетер татаалдаштырды. Себеби чукул арада укуктук колдоону камсыз кылып, кылмыш болгон жерген жетип барууга мүмкүнчүлүк жок.

Аял укуктарын коргогон коомдук уюмдардын, зомбулук курмандыктары үчүн ачылган кризистик борборлордун да оор абалда калганы кырдаалды курчутту. Ишеним номуруна чалгандар көбөйдү, муну менен консультациялар да мурдагыга караганда узагыраак болуп жатат (30 мүнөттөн 4 саатка чейин убакытты алган консультациялар болгон). Ошону менен бирге өзгөчө кырдаал шарттарында жардам берүү мүмкүнчүлүктөрү да чектелүү.

## Улгайган аялдар

Жашы жеткен аялдар ден соолугуна байланыштуу тобокелдик тобуна киришет. Себеби аларда оор өнөкөт оорулар бар жана өтө зарыл дарыларды алып турушу керек. Ал эми дары-дармектер бардык жерде кескин кымбаттады. Анын үстүнө улгайган аялдар жакыр жашагандардын негизги катмарын түзөт, алар жарыбаган пенсияга күн көрүшөт, топтоп койгон акчасы жок, азык-түлүгү да чектелүү.

## Элеттик аялдар

Бул аялдардын басымдуу бөлүгүндө, өзгөчө тоолуу жана алыскы айылдарда жашагандарда аралыктан иштөөгө мүмкүнчүлүгү жок. Элеттик жана алыскы райондордо жашаган аялдар үчүн онлайн-платформалар жана мобилдик консультациялар иштебейт. Себеби алардын көбүндө компьютер, планшеттер, мобилдик телефондор (смартфондор) жок. Бул аялдар маалыматтык технология жаатын-

***4-таблица. COVID-19дун жайылышына байланыштуу чектөө чаралары мындан ары да уланса, үй-бүлөңүздө финансылык кырдаал кандай болот деп ойлойсуз? (% менен)***

| | | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|
| Негизги чыгашаларды камсыз кылуу оор болот (азык-түлүк, гигиеналык каражаттар ж.б.) | Эркек | 78,6 | 21,4 |
| | Аял | 80,0 | 20,0 |
| Батир акысын жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө оор болот | Эркек | 67,9 | 32,1 |
| | Аял | 61,5 | 38,5 |
| Медициналык кызмат көрсөтүүгө/жардамга жете албай калабыз | Эркек | 61,5 | 38,5 |
| | Аял | 69,3 | 30,7 |
| Достордон жана туугандардан жардам суроого мажбур болобуз | Эркек | 55,8 | 44,2 |
| | Аял | 47,7 | 52,3 |
| Жергиликтүү бийликтен жардам суроого мажбур болобуз | Эркек | 31,9 | 68,1 |
| | Аял | 30,0 | 70,0 |
| Насыя алууга туура келет | Эркек | 20,0 | 80,0 |
| | Аял | 17,7 | 82,3 |

да билимге ээ эмес, жада калса бул технологияларды пайдалануунун жөнөкөй эрежелеринен кабарсыз. Эпидемия жазгы талаа иштери кызып турган маалга туш келди. Климат шарттарынан улам Кыргызстандагы көпчүлүк аймактарда дал ушул март жана апрель айларында жазгы талаа иштери кызыйт. Өзгөчө абалдан улам көпчүлүк элеттиктер насыяга, үрөнгө жана күйүүчү майга жете албай калышты. Жазгы талаа иштери ойдогудай болбой калгандыктан, жыл ичинде айыл чарба өндүрүшү да жабыркайт деген божомол бар. Бул болсо жакырчылыкты тереңдете турган факторлордун негизгиси. Натыйжада аялдардын түйшүгү да көбөйүп, зомбулуктун ар кандай түрлөрүнө өбөлгө болот.

## Майыптуулугу бар аялдар жана майып балдарды баккан энелер

Бул аялдар үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнөн өзгөчө көз каранды. Алар кошумча ресурстарга муктаж. Себеби аларга дары-дармек, баланы же өзүн карай турган адамдар керек. Мындай үй-бүлөлөр адатта жакыр жашашат жана туруктуу иштөө үчүн мүмкүнчүлүктөрү чектелүү.

## ВИЧ менен жашаган адамдар, ВИЧ жуктурган балдары бар үй-бүлөлүр

Кыргызстанда ВИЧ илдетинин жайылуу темпи жогору бойдон сакталууда. Кыргыз Республикасында 2019-жылдын 31-декабрына карата ВИЧ менен жашаган адамдардын саны 9135 адамды түздү. Алардын ичинен 2 049 адам көз жумду. Акыркы беш жыл ичинде өлкөдө ВИЧ илдетин жуктуруп катталган адамдардын расмий саны дээрлик эки эсе көбөйдү[1].

Коронавирус пандемиясы бул топко киргендердин абалын ого бетер оорлоштурду. Себеби ВИЧ менен жашаган адамдар COVID-19 боюнча тобокелдиги жогору болгон топко киришет. Бул адамдардын көбү АРВ-терапиясына жетүүдө кыйналышты. Бул терапия организмдеги ВИЧ вирусун басаңдатып туруу үчүн өтө зарыл. Мындан тышкары вирусту текшерүүчү мониторинг тесттерге, CD-4 аппаратына жана башка медициналык тейлөөлөргө, дарыланууга да жетүү иши татаалдашты. ВИЧ менен жашаган аялдардын көбү обочолонуу шарттарында стресске кабылып, коркуп, тынчсызданып, үй-бүлөлүк зомбулукка да кабылышты. Бул аялдар кошумча дары-дармекке, күчтүү тамактанууга муктаж. Бирок алардын үй-бүлөсүнүн чөнтөгү жука, туруктуу иштөө үчүн мүмкүнчүлүктөр жок. Бул аялдарга негизинен азык-түлүк, гигиеналык каражаттар зарыл. Ошондой эле АРВ жана башка дарыларга кантип жетип жатканына мониторинг жүргүзүү зарыл, онлайн иштеген өз ара жардам берген топторго муктаждык бар.

## Этностук азчылыктарга кирген аялдар

Кыргызстанда жүздөн ашык этностун өкүлдөрү жашайт. Алар калктын төрттөн бир бөлүгүн түзөт. Бул этностордун бир бөлүгү ири шаарларда өз-өзүнчө жашашат. Бирок алардын басымдуу бөлүгү бири-бирине тыгыз жашайт. Булардын басымдуу бөлүгү Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында күн көрөт. Алардын көбү жабык жамааттарда жашайт, бул жамааттарда аялдар көп төрөйт, салттуу жашоо образын жүргүзөт жана экономикалык активдүүлүгү көп деле байкалбайт. Башка аялдарга салыштырмалуу салттуу жана диний факторлордун бул аялдарга тийгизген таасири өзгөчө күчтүү. Алар түрдүү басмырлоого кабылган учурлары сейрек эмес.

## Өспүрүмдөр, анын ичинде кыздар

Өспүрүмдөр арасында өз жанын кыйгандар көбөйдү. 16-марттан берки мезгил аралыгында (мектептерде карантин киргизилгенден кийин) өлкөдө 9 бала өз жанын кыйган. Буга себеп катары алар үй-бүлөдөгү обочолонуу режимине чыдабаганы, ата-энеси менен мамиле түзө албаганы, ата-энелердин да бала менен баарлаша албаганы айтылды. Адатта өспүрүмдөрдүн ата-энеси тышта миграцияда жүрүшөт жана бул балдарды туугандары карап калышат. Ал эми алар болсо балада депрессиянын белгилерин убагында байкабай калышат[2]. Ошол себептен өзгөчө көңүл буруп, максаттуу алдын алуучу чаралар талап кылынат, анын ичинде депрессияны жеңип, психологиялык стресстен арылуу үчүн жардам зарыл.

[1] Республикалык СПИД борборунун маалыматы

[2] "Лидер" өкмөттүк эмес уюмдун маалыматы боюнча. Бул маалыматтар "Сен жалгыз эмессиң" («Ты – не одинок») долбоорун ишке ашыруунун алкагында маалымат бергендерден алынды. Бул долбоор оор турмуштук кырдаалда калган өспүрүмдөргө колдоо көрсөтүп келатат.

***5-таблица. COVID-19 жайылып жаткан шартта иштин кайсы түрүнө көбүрөөк убакыт коротуп жатасыз? (% менен)***

| Иштин түрү | Эркектер | Аялдар |
|---|---|---|
| Тамак-аш даярдоого | 1,9 | 41,4 |
| Короо-жайды жыйноого/тазалап, иретке келтирүүгө (үй, кийим-кече) | 41,6 | 14,4 |
| Үй чарбасын башкарууга (мисалы, эсептерди төлөөгө) | 20,8 | 2,9 |
| Үй-бүлөм үчүн азык-түлүк сатып келүүгө | 12,8 | 5,6 |
| Суу, отун жеткирүүгө | 5,6 | ,2 |
| Балдар менен ойноп, баарлашып, китеп окууга | 5,8 | 9,1 |
| Балдарды окутууга, тарбиялоого | 3,1 | 7,8 |
| Балдарды багууга, анын ичинде курсагын тойгузуп, тазалыкта кармап, ден соолугуна кам көрүүгө | 0,2 | 14,6 |
| Кары адамдарга, оорулууларга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүүлөргө жардам берүүгө | 0,6 | 1,4 |
| Үй-бүлө мүчөлөрүнө эмоционалдык колдоо көрсөтүүгө | 1,2 | 1,8 |
| Үй жаныбарларына кам көрүүгө | 6,6 | ,8 |

## Кимиси көбүрөөк аярлуу – эркектерби же аялдарбы?

COVID-19 пандемиясы Кыргыз Республикасындагы аядардын жана эркектердин абалына терс таасирин тийгизип, өзгөчө аялдардын түйшүгүн арбытты. Обочолонуу, экономикалык кризис, кыймылга киргизилген чектөөлөр, саламаттык сактоо, социалдык коргоо системаларына түшкөн ашыкча жүк, балдардын жана студенттердин аралыктан окуусун уюштуруу калктын бардык катмарын оор абалда калтырды. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, өзгөчө жүк аялдардын, биринчи кезекте аярлуу топторго киргендердин мойнуна түштү.

Телефон аркылуу жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктары жана онлайн анкетаны толтурган респонденттердин жооптору көрсөткөндөй, COVID-19га байланыштуу пайда болгон коркунучтар тууралуу калктын түрдүү топтору алган маалыматтарда айырмачылыктар бар. Аялдар эркектерге караганда маалыматты салттуу медиа каражаттарынан көбүрөөк алышат. Бирок алар үчүн Интернет негизги маалымат булагы бойдон кала берди. Аялдар саламаттык сактоо мекемелеринен, үй-бүлөлүк дарыгерлерден көбүрөөк маалымат алышат. Ал эми эркектер өтө зарыл болбосо, дарыгерлерге кайрылышпайт. Респонденттердин 74% маалымдуулуктун деңгээлине канааттанаарын, карантинге даярданып алууга үлгүрүшкөнүн айтышкан. Ошол эле маалда маалыматты кеч алгандыктан карантинге даярданбай калганын айткандардын арасында аялдар басымдуулук кылат.

Респонденттердин 10 пайызы (эркектер да, аялдар да) киргизилген чектөө чараларынын натыйжасында жумушунан айрылып, оор экономикалык абалда калышкан.

Дагы бир фактка көңүл буруу зарыл: жалданып иштеген аялдардын 75% аралыктан иштөөгө өтүшкөн. Салыштыруу үчүн айта турган болсок, эркектерде бул көрсөткүч 63 пайызды түзөт. Эркектердин 34% жана аялдардын 19% жумушка барууда. Эпидемияга чейин эле үйдө иштегендердин арасында аялдар эки эсе көп. Башкача айтканда, Кыргызстанда аялдар кайсы бир деңгээлде жаңы шарттарга ыңгайлашып, алардын бир бөлүгү аралыктан ишин уланта берген.

Ишкер жана өз алдынча иштеген эркек респонденттердин 73% жана аялдардын 55% бизнеси катталбаганын айтышты. Жарандардын бул категориясы эпидемия менен күрөшүү боюнча киргизилген чаралардын кесепеттеринен өзгөчө көп жабыркашты. COVID-19дун жайылышы менен 13 пайызынын бизнеси таптакыр эле токтоп калган. COVID-19дун бизнеске таасирин аялдарга караганда эркектер көбүрөөк белгилешкен.

Ушул тапта эркектердин 62% жана аялдардын 70% медициналык камсыздандыруу бар. Аны менен катар эркектердин 6 пайызы жана аялдардын 8 пайызы гана жумушсуздук боюнча жөлөкпул же өкмөттөн жана ЖӨБ органдарынан кандайдыр бир финансылык колдоо алат. Аярлуу топко киргендердин ичинен мындай колдоону 9,7% адам гана алат.

Респонденттердин басымдуу бөлүгү (79%) COVID-19 жайылгандан кийин өкмөттөн же ЖӨБ органдарынан нак акча түрүндө эч кандай колдоо алган эмес, 20% азык-түлүк, 2% профилактика каражаттарын алган.

Респонденттердин 5 пайызы гана тамак-аш алса, 2 пайызы жарандык коом уюмдарынан же кайрымдуу адамдардан коргонуучу каражаттарды алышкан. Ошону менен бирге азык-түлүк алгандардын ортосунда да айырма бар: азык-түлүктү сурамжылоого катышкан эркектердин 8 пайызы, ал эми аялдардын 2 пайызы гана алган.

COVID-19дун натыйжасында эркектердин кирешеси азайган эң көп көрсөткүч айыл чарбасына, жеке бизнеске, акы төлөнгөн жумушка туура келет. Аялдарда болсо чет өлкөдө жашаган адамдардан алган акча кирешеси (мигранттардын акча которуулары) азайган, ошондой эле үй-бүлөлүк же жеке бизнесинин кирешеси түшүп кеткен. Аярлуу топтор

жана көп балалуу үй-бүлөлөр үчүн пандемиянын таасири, кирешенин азайышы өзгөчө сезилди.

Аялдар жана кыздар үчүн үй түйшүгү кескин көбөйдү. Аялдардын үй жыйноого, тамак жасап, балдары менен сүйлөшүп, окутууга сарптаган убактысы да көбөйдү. Эркектер арасында короосун карап, үй-бүлөгө азык-түлүк сатып алууга кеткен убактысы көбөйдү. Ошону менен бирге аялдардын 35,6% жолдошу такыр эле жардам бербегенин айтса, жоопту ушундай эле вариантын эркектердин 15% гана тандаган.

COVID-19дун натыйжасында респонденттердин 21% стресске кабылып, тынчсызданып, психикалык, менталдык жана эмоционалдык саламаттыгы жабыркаган. Респонденттердин басымдуу бөлүгүнүн – 61 пайызынын мектепке барган балдары бар, ал эми мектептер карантинге жабылган. Эркектерге караганда (28%) аялдар (40,1%) ушул позицияны көбүрөөк белгилешкен. Бул болсо аралыктан окутуу процессинде балдарга жардам берүү боюнча үй-бүлөдө негизги жүк энелерге түшөөрүн билдирет.

Коомдук транспорт ишин токтоткону респонденттерге өзгөчө кыйынчылыкты жараткан. Өзгөчө аялдар (32,7%) кыйналды. Ал эми эркектер (19,3%) ыңгайсыздыкты көп деле сезген эмес. Кары адамдардын, ВИЧ менен жашаган адамдардын жана башка аярлуу категорияга киргендердин арасында кыйналганын айткан адамдар бир нече эсе көп.

COVID-19 менен күрөшүү боюнча киргизилген чектөөлөрдүн натыйжасында кыйынчылыктарды көбүрөөк аялдар, өзгөчө аярлуу топторго кирген кыз-келиндер сезишкен. Алар зарыл болгон ресурстарга жете албай кыйналышканын белгилешти: азык-түлүк, дары-дармек, коргонуу каражаттарын сатып алууда, медициналык кызмат көрсөтүүлөргө, гигиеналык жана санитардык каражаттарга, сууга жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүдө кыйынчылык болгонун айтышты.

Обочолонуу шарттарында кыз-келиндерге карата зомбулуктун масштабына жакынкы келечекте да баа берилет, анын кесепеттери узак мөөнөттүү мүнөзгө ээ болот. Расмий маалыматтарга ылайык, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу зомбулук фактылары 65 пайызга көбөйгөн. Кимдир бирөө үй-бүлөлүк зомбулукка кабылса жардам сурап кайда кайрылыш керектигин эркектердин 54% жана аялдардын 41% билет. Бирок ошол эле маалда аялдардын 33% жана эркектердин 30% мындай жардам сурап кайрылбай турганын айтышкан. Карантин маалында респонденттердин 9 пайызы гана жардам жана колдоо издеп ыкчам номурларга кайрылган. Ошону менен катар ыкчам номурга чалган аялдардын үлүшү (12,5%) эркектердин үлүшүнө (5,8%) салыштырмалуу эки эсе көп.

Сурамжылоого катышкандардын көбү сексуалдык жана репродуктивдүү саламаттык боюнча кызмат көрсөтүүгө (48,2%) жана бойго бүтүрбөөчү каражаттарга (62,3%) муктаж болбогонун айтышкан. Ошону менен бирге мындай көрсөткүч репродуктивдүү курактагы аялдар арасында өтө жогору. Бул – аялдарда үй-бүлөнү пландоо тууралуу зарыл билимдин жоктугунан кабар берет.

Саламаттык сактоо тармагында иштегендердин басымдуу бөлүгүн салттуу түрдө аялдар түзөт, алар биринчи соккуну өзүнө алышты, айрымдары илдетти жуктуруп алды. Бирок COVID-19 менен күрөшүү боюнча республикалык штаб ооруну жуктуруп алган медициналык кызматкерлердин жынысын айта элек.

COVID-19га жооп катары бийлик көргөн чаралар аярлуу топторго багытталган эмес. Алар көбүнчө ооруп калгандарга жана жалпысынан калкка багыт алган. Ошону менен бирге COVID-19да аярлуу топтордун структурасы жана мүнөзү өзгөрүп жатканы белгилүү болуп калды.

Кризистик кырдаалга реакция жасаган бардык органдарда, уюмдарда жана башкаруу процесстеринде ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүдө гендердик теңсиздик аныкталды. Бирок бул процессте аялдар да, эркектер да бирдей ролду ойной турганын унутпаш керек.

Улуттук деңгээлде жана ЖӨБ органдарында түзүлгөн жумушчу топтордун жана органдардын гендердик курамы тең салмактуу эмес. Аялдардын уюмдары жана активисттер бул курамга кирбей калган. Аялдардын өкмөттүк эмес уюмдары, аял активисттер жана ыктыярчылар калкка маалымат жеткирүүдө, зомбулук учурларында колдоо көрсөтүүдө жана гуманитардык жардамды бөлүштүрүүдө активдүү болушкан. Бирок өзгөчө кырдаал шарттарында жалпы координация жана мамлекеттик түзүмдөр менен кызматташуунун аспаптары мындан ары өркүндөтүлүүгө тийиш.

## Эмне кылыш керек?

### Мамлекеттик органдар үчүн сунуштамалар

- Өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин азайтуу процессине тартылган бардык мамлекеттик мекемелер үчүн гендердик өңүттөрүн эсепке алган иш-аракеттерди камсыз кылуу үчүн так нускамаларды жана стандарттык иштин жол-жоболорун даярдап, бекитүү зарыл.
- COVID-19га реакция жасоого катышкан бардык мекемелер маалыматтарды чогултуп жатканда адамдын жынысына карап бөлүп чыгып, берүүгө тийиш. Кыргызстанда мындай статистика илдетти жуктургандардын жалпы санына карата гана берилүүдө. Ооруканага жаткырылгандардын, сакайып чыккандардын, көз жумгандардын жынысы тууралуу маалыматтар жарыялана элек. Илдетти жуктуруп алган медициналык кызматкерлердин жынысы тууралуу да маалымат жок.
- Ишкерликти колдоо боюнча чараларды гендердик анализдин элементтери менен толуктап чы-

гуу зарыл. Иштеп жаткан аялдарга жана ишкер кыз-келиндерге колдоо көрсөтүү чараларын караштыруу үчүн ушундай кадамга баруу зарыл. Чакан жана орто бизнес субъекттери үчүн салык каникулун, корпоративдик, социалдык салыктарды жана КНСти төлөө мөөнөтү узартылган аялдардын жана эркектердин саны тууралуу маалыматтар жок.

- Соода-көңүл ачуучу, бизнес борборлордо иш узакка токтогонун эсепке алуу менен, чакан жана орто бизнес субъекттерине, ижарачыларга төлөмдөр боюнча мөөнөттү узартууну сунуш кылып, ижара акысын улуттук валютанын рынок курсу боюнча индексикациялоо практикасынан баш тартуу зарыл.
- Коом үчүн маанилүү социалдык маселелерди чечүүгө катышып жаткан чакан жана орто бизнес субъекттерине, социалдык ишкерлерге, коомдук уюмдарга гранттык колдоону караштыруу керек.
- Маалыматтык технологияларды колдонуп иштей албаган элеттик жана алыскы аймактарда жашаган аялдарга өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Жазгы талаа иштеринин үзгүлтүккө учурашы, насыяларга, үрөн фондуна жана күйүүчү майга чектөөлөр калктын жакырланышына алып келет. Бул болсо элеттик товар өндүрүшчүлөрүн колдоо жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чукул чараларды көрүүнү талап кылууда.
- Эмгек мигранттарынын акча которууларынан көз каранды болгон үй-бүлөлөрдүн киреше деңгээлине COVID-19дун тийгизген таасири боюнча атайын изилдөө жүргүзүп чыгуу зарыл.
- Өзгөчө кырдаалга реакция жасоо чараларын пландоо жана ишке ашыруу процесстеринде аярлуу топтордун өзгөчөлүктөрүн жана кызыкчылыктарын эсепке алыш керек. Бул топтордун муктаждык даражасын баалоочу системаны өркүндөтүп, алардын абалын туура баалай турган анык критерийлери бар актуалдуу маалымат базасы болууга тийиш. Ошону менен катар аялдардын көп түрдүүлүгүн, алардын муктаждыктарын жана контексттерди моюнга алып, бардык кабыл алынып жаткан программалык документтерде жана ишке ашырылып жаткан чараларда эсепке алуу зарыл.
- Келечекте саламаттык сактоо системасын өркүндөтүүгө, медицина илимине жана медициналык кызматкерлерге көбүрөөк көңүл буруш керек. COVID-19 пандемиясына байланышкан кырдаалда чыңалуу бир аз азайгандан кийин медициналык адистер жана социалдык кызматкерлер керектүү дарылоодон өтүп, акчалай кенемте алып, аларга психологиялык жардам көрсөтүлүп, санаториялык-курорттук дарыланууга жиберилүүгө тийиш.
- Билим берүү системасында санарип технологияларды өнүктүрүүнү уланта берүү зарыл. Тез өзгөргөн шарттарга чукул арада ыңгайлашып кетүүсү үчүн кыздардын жана аялдардын билим алуусуна өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.
- Мугалимдерге жана жогорку окуу жайлардын окутуучуларына онлайн форматта окуу материалдарын даярдоо боюнча потенциалын узак мөөнөттүү, сапаттуу жогорулатып алууга жардам берилип, маалыматтык-коммуникациялык технологияларга жетүүсүнө кеңири мүмкүнчүлүктөр берилиши керек.
- Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында штабдардын, комендатуралардын жана аларды коштоп жүргөн эксперттик жана башка жумушчу топтордун, ошондой эле гуманитардык жардамды бөлүштүрүү боюнча комиссиялардын курамын мыйзамдарда каралган гендердик пропорцияны сактоо менен түзүү зарыл. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында мындай топтордо бир жыныстагы адамдар 70 пайыздан ашпашы керек деген принцип каралган. Ошондой эле алардын курамына түрдүү аярлуу топтор менен иш алып барган коомдук уюмдардын өкүлдөрүн кошуш керек. Мындан тышкары ушул структуралардын баарына гендердик саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органды (КР ЭСӨМ) кошуу зарыл. Ошондо алардын ишинде гендердик өңүттөр институционалдык жактан эсепке алынат.
- Жарандык коом уюмдарын, анын ичинде гендердик зомбулук учурунда жардам берген аялдардын уюмдарын чукул реакция жасоо, пландоо, анын ичинде гуманитардык жардам берүү процессине тартуу үчүн расмий механизмдерди колдонуу зарыл.
- Карантин шартында үй-бүлөлүк зомбулук фактылары аныкталган учурда тартип коргоо органдарынын жана башка мекемелердин иш-аракеттеринин атайын протоколун чукул арада даярдап, бекитүү зарыл. Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга кызмат көрсөтүүлөр карантин шартында көрсөтүлгөн базалык кызматтардын тизмесине кириши керек. Каттоого алынган учурлар жана тартип коргоо органдары кандай чара көргөнү тууралуу маалыматтарды коменданттар жана муниципалитет башчылары күн сайын COVID-19 боюнча калкка жасаган билдирүүсүндө камтып кетиши керек.
- COVID-19га байланыштуу карантин маалында онлайн форматта иштеген психологиялык кызматтарды (гендердик зомбулукка көп сектордук реакция жасоонун алкагында) координациялоо системасын жакшыртуу зарыл. Ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукту башынан өткөргөн адамдарга сапаттуу онлайн колдоо көрсөтүү үчүн ыкчам линиялардын (112, 118, 1227, 111) ишин жакшыртуу керек.
- Мамлекет зомбулуктан жабыркаган адамдар

үчүн ачылган, күнү-түнү ыкчам телефон номурлары аркылуу колдоо көрсөткөн, башпаанек берген кризистик борборлорго көңүл буруп, колдоп (кризистик борборлордун кызматкерлерине акы төлөп, окутуп, квалификациясын жогорулатып, жабдууларын алып берип, күзөт кызматынын ишин күчөтүп ж.б.) турушу керек.

- Зомбулукту көрсөткөн киши катары каттоого алынган адам менен чогуу жашагандарга мониторинг жүргүзүү үчүн көзөмөлдөөнүн чукул чараларын киргизип, өзгөчө кырдаал маалында ошондо кишилерге карата жаза чараларын катаалдаштыруу керек.
- Гендердик зомбулук фактысы боюнча иш, сотко чейинки жана соттук териштирүү сапаттуу өтүшүн камсыздоо зарыл.
- Үй-бүлөдө жана коомдо гармониялуу мамилелерди сактоо, зомбулуктун масштабын кыскартуу, анын ичинде жардам сурап кайда кайрылса болору, үй-бүлөдө күн көрсөтпөгөн адамга кандай жаза берилери, тийиштүү кызмат көрсөтүүнү кайдан алса болору тууралуу кенен маалымат жеткирүү боюнча жигердүү маалыматтык өнөктүк өткөрүп туруш керек.

## Жергиликтүү бийлик органдары жана өз алдынча башкаруу үчүн сунуштамалар[1]

- Үй-бүлөлүк зомбулук фактысына реакция жасоо боюнча чукул арада жерине бара турган атайын мобилдик бригадаларды (курамына милиция кызматкери, дарыгер жана психолог кирген бригаданы) түзүү максатында Бишкек ш. мэриясынын аракеттерине колдоо көрсөтүү зарыл. Зомбулуктун көрсөткүчү жогору болгон бир катар башка калктуу конуштарда да ушундай бригадаларды түзүү тууралуу маселени карап чыгуу зарыл.
- Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында бардык жергиликтүү бийлик органдары үчүн гендердик өңүттөрүн эсепке алган иш-аракеттерди камсыз кылуу үчүн так нускамаларды жана стандарттык иштин жол-жоболорун даярдап, бекитүү зарыл.
- Жергиликтүү деңгээлде COVID-19га реакция жасоого катышкан бардык мекемелер маалыматтарды чогултуп жатканда адамдын жынысына карап бөлүп чыгып, берүүгө тийиш.
- Оор турмуштук кырдаалда турган, COVID-19дун шартында аныкталган аярлуу жарандарды жана үй кожолуктарын эсепке алуу системасындагы азыркы кемчиликтерди эсепке алуу менен, канчалык даражада аярлуу болгонун баалай турган системаны кайра карап чыгып, аны өркүндөтүү зарыл, ар бир аймак боюнча акуталдуу маалымат базасы болууга тийиш.
- Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында комендатуралардын жана аларды коштоп жүргөн эксперттик жана башка жумушчу топтордун, ошондой эле гуманитардык жардамды бөлүштүрүү боюнча комиссиялардын курамын мыйзамдарда каралган гендердик пропорцияны сактоо менен түзүү зарыл. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында мындай топтордо бир жыныстагы адамдар 70 пайыздан ашпашы керек деген принцип каралган.
- Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында жарандык коом уюмдарын, анын ичинде гендердик зомбулук учурунда жардам берген аялдардын уюмдарын гуманитардык жардам берүү процессине жигердүү тартуу зарыл.

## Жарандык коом уюмдары үчүн сунуштамалар

- COVID-19 пандемиясы мезгилинде даректүү жардамды көбүрөөк жеткирүү, өкмөттүн жана жергиликтүү бийлик органдарынын, өз алдынча башкаруулардын ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу үчүн жарандык коом уюмдарын тартып, алардын бул иштерге көзөмөл жүргүзүүсү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу зарыл.
- COVID-19 менен күрөшкө катышуу процессинде жарандык коом уюмдарынын координациялоо механизмдерин өркүндөтүп, иш-аракеттеринин оперативдүүлүгүн жогорулатуу зарыл. Муну маалымат алмашуу жана аярлуу топторго колдоо көрсөтүү аракеттери (гуманитардык жардамды жеткирүү, зомбулуктун курмандыгы болгон аялдарга онлайн кеп-кеңештерди берүү ж.б.) менен ишке ашырса болот.
- Айрым аярлуу топторду камтууга багытталган маалыматтык өнөктүктөрдү өзгөчө онлайн түрүндө өткөрүү боюнча иштерди күчөтүш керек. Мындай жол менен өкмөт көңүл сыртында калтырып жаткан чөйрөлөргө жетүүгө болот.
- БУУ жана өнүгүү боюнча башка эл аралык өнөктөштөр өнүктүрүү максатында берип жаткан тышкы жардамдын кайра программалоо жана багытын өзгөртүшү өкмөттүн адам укуктары жаатындагы, анын ичинде гендердик теңдик маселелери боюнча милдеттенмелерин аткаруусун токтотпогонуна көз салып туруу зарыл.
- Чукул жардам көрсөтүү үчүн артыкчылыктуу чөйрөлөр – максаттуу колдоо, конкреттүү аярлуу топтор (ВИЧ+, тобокелдик тобундагы өспүрүмдөр, майыптар, кары адамдар, этностук азчылыкка кирген аялдар) үчүн адистештирилген психологиялык жардам; контакттык дарыланууга муктаж болгон адамдар үчүн чыгаша материалдары (инсулинден көз карандылар үчүн, АРВ-терапиясын алгандар үчүн ж.б.).

[1] «Муниципалитет» журналы бул сунуштамалар мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы ыйгарым укуктардын бөлүштүрүлүшүн эсепке алуу менен мындан дагы даректүү берилсе болот деп эсептейт. Ошого карабастан редакция сунуштамаларда белгиленген тапшырмаларды колдойт.

# Жарандар ЖӨБ органдарына жардам берүүгө даяр.

## Бирок алар катышуунун жаңы формаларына жана иштин ачык-айкын болушуна муктаж

***Надежда ДОБРЕЦОВА,*** "Муниципалитет" журналынын башкы редактору;
***Сабина ГРАДВАЛЬ,*** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары;
***Жамала УМАНКУЛОВА,*** "Erfolg Consult" ЖЧК командасынын лидери;
***Оңолкан УМАНКУЛОВА,*** "Erfolg Consult" ЖЧК командасынын аналитиги

**Өнүктүрүү саясат институту түрдүү долбоорлордун алкагында жана өз демилгеси менен жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилесин көп жылдардан бери изилдеп келатат. 2020-жылы социологиялык сурамжылоо ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун буйрутмасы боюнча "Erfolg Consult" ЖЧКнын күчү менен өткөрүлгөн. Сурамжылоонун негизинде алынган маалыматтарга анализ "Erfolg Consult" ЖЧКнын жана Өнүктүрүү саясат институтунун биргелешкен күч-аракети менен жасалды. Анализдин жүрүшүндө буга чейин түрдүү долбоорлордун алкагында өткөрүлгөн сурамжылоолор маалында алынган маалыматтар колдонулду.**

### Жарандардын ЖӨБго катышуу укугу

Жарандардын ЖӨБго катышуусу – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун пайдубалы. Себеби жергиликтүү жамааттын өз алдынча, жоопкерчиликти өзүнө алуу менен кабыл алган чечимдери ЖӨБ системасынын маңызын түзөт. Ошондуктан жарандардын ЖӨБго катышуу укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук жана институционалдык шарттарды жакшыртуу процесси туруктуу, үзгүлтүксүз ишке ашып турушу керек.

Жарандар ЖӨБдөгү өзүнүн укуктары жана милдеттери тууралуу көп жакшы маалыматка ээ эмес жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун толук колдоно албай келишет. Негизги көйгөй – ЖӨБ менен жарандар ортосунда натыйжалуу коммуникация жетишсиз болуудa. Элде мамлекетке карата инфантилдүү, керектөөчү мамиле да таасирин тийгизип жатат. Мындай мамиле калктын кулк мүнөзүндө Советтер Союзунан жана пландуу экономика мезгилинен бери сакталып келүүдө. Көпчүлүк жарандар, анын ичинде ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери, атүгүл айрым мамлекеттик кызматчылар да ЖӨБдүн чыныгы табиятын толук түшүнбөй жатышат. Алар мамлекеттен башкаруучулук чечимдерди кабыл алууну да, көйгөйлөрдү чечип берүүнү да күтө беришүүдө.

Жергиликтүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн пландап, аны жүзөгө ашырууда ЖӨБ органдары көп учурда жарандардын чыныгы муктаждыктарын талаптагыдай эсепке албай калышат. Жергиликтүү бюджеттер аймактардын Социалдык-экономикалык өнүгүү программалары менен үзгүлтүксүз байланышта болуп, жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарына негизделүүгө тийиш. Улуттук мыйзамдар (КР Бюджеттик кодекси жана башка ченемдик укуктук актылар) ЖӨБ органдарынан коомдук угууларды (мындан ары – КУ) өткөрүп, ошол жерден элдин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктап, бюджеттин долбоорун талкуулоону талап кылат. Бирок бул иштер азырынча талаптагыдай деңгээлде болбой жатат. Буга негизинен бюджеттик процессте калктын кызыкчылыктарын кантип коргош керектигин жергиликтүү деңгээлде түшүнүктүн жоктугу себеп болууда.

Отчеттуулук мындайча түзүлгөн: ЖӨБ органдары биринчи кезекте аларды тандагандардын (б.а., жергиликтүү жамааттын) алдында эмес, башкаруу иерархиясында жогору тургандардын – мамлекеттик органдардын алдында отчет беришет. Жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчиликтин жок же аз болгонунун натыйжасында элеттик ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери – айыл өкмөт башчылары иш жүзүндө элге, жарандарга отчет беришпейт. Себеби аларды жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлайт, ал эми талапкерлигин мамлекеттин өкүлү же жергиликтүү кеңеш өзү көрсөтөт. Ошентип, жарандарда шайлоо системасы аркылуу

***1-диаграмма. Жергиликтүү демократиянын жана ЖӨБ деңгээлинде жарандык катышуунун өзгөчө натыйжалуу формалары[1]***




[1] Булак: Public Opinion Survey Residents of Kyrgyzstan // The survey was conducted by Dr. Rasa Alisauskiene of the public and market research company Baltic Surveys/The Gallup Organization on behalf of the International Republican Institute. The field work was carried out by SIAR Research and Consulting, 2018.

жетекчиге түз таасир этүү мүмкүнчүлүгү жок. Натыйжада жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынын же жергиликтүү кеңештин муктаждыктарын канааттандыруу айыл өкмөт жетекчисинин башкы максатына айланат. Бирок алардын кызыкчылыктары дайыма эле калктын кызыкчылыктарына төп келе бербейт. Буга партиялык шайлоо системасы көмөкчү болууда.

Жарандардын ЖӨБго катышуу формасын тандоого келгенде жарандар эң натыйжалуусу деп төмөнкүлөрдү аташкан: ЖӨБ органдары жамааттарда өткөргөн жолугушуулар (47%); коомдук угуулар (35%); жергиликтүү курултай (31%); жергиликтүү демилгелер (22%). Жарандардын 12 пайызы гана жергиликтүү кеңешке шайлоону, 10 пайызы коммерциялык эмес уюмдар аркылуу өз ара аракеттенүүнү катышуунун натыйжалуу формасы деп эсептегени тынчсыздануну жараткан факт. Бул сандар элдин ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли бир кыйла жогорку деңгээлде болгону менен, жарандар шайлоо өңдүү өкүлчүлүктүү принципке жана КЭУ аркылуу иштерге байланыштуу болгон формалардан качып, тикелей өз ара аракеттенүүгө умтулганынан кабар берет. Мындай көрүнүш жарандардын ЖӨБго катышуусунун өкүлчүлүктүү формасына болгон ишеним деңгээли төмөн болгондуктан, жергиликтүү кеңеш өз милдеттенмелерин толук аткарбагандыктан, ЖӨБ органдарынын жарандар алдындагы отчеттуулугунун чабалдыгынан улам болууда.

***2-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угууларга катышкан жарандардын үлүшү, 2007-2020-жылдар, пайыз менен***



***3-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угууларга катышуунун жыйынтыгына ыраазы болгон жарандардын үлүшү, 2007-2020-жылдар, пайыздар менен***




## Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу

Жогоруда айтылгандай, чогулуштар жана коомдук угуулар жарандардын ЖӨБго катышуусунун эң эле көп тандаган формалары болуп эсептелинет. Жарандардын коомдук угууларга катышуусу жарандардын санына тескери пропорционалдуу болгонун түшүнүш керек. Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, 5000ден ашпаган киши жашаган муниципалитет үчүн жалпы муниципалдык чогулуштарга калктын 14-15 пайызы гана катышат. Ал эми калктын саны 20 миңден ашкан муниципалитетте 3-5% гана катышат[1]. Муну кандай гана чогулуш болбосун, анда жөнөкөй физикалык чектөөлөр да болоору менен түшүндүрө алабыз: көпчүлүк калктуу конуштарда 150-200дөн ашык адамды бир жерге чогултуу мүмкүн эмес (Кыргызстандагы ЖӨБ органдарынын практикасында 200дөн ашык адам катышкан угуулар сейрек болот). Өлкөдөгү ЖӨБ органдарынын жалпы санынан алганда, Кыргыз Республикасында бюджет боюнча коомдук угуулардын катышуучуларынын натуралай максималдуу саны 60тан 100 миңге чейин жетиши мүмкүн (КР Финансы министрлигинин маалыматы боюнча, угууларга орточо 85 адам катышат). Бирок натуралай максимум деген социалдык жактан мүмкүн жана натыйжалуу максимум дегенди билдирбейт. Себеби катышуучулардын санын жөн эле көбөйтүп коюу менен бюджет өзгөчө натыйжалуу талкууланып калат деп айтууга болбойт.

Коомдук угуулар практикасы Кыргызстанда 1999-жылы башталган. Ошондон тартып 2018-жылга чейин жарандардын жергиликтүү деңгээлде

[1] Массачусетстин (АКШ) мисалында. Очертина М. А. Коомдук угуулар институтунун аныктамасы жана типологиясы // Орусиялык Илимдер академиясынын Урал бөлүмүнүн Философия жана укук институтунун жылдык илимий жыйнагы, № 8, 2008. Шилтемеси: https://cyberleninka.ru/article/n/ponyatie-i-tipologiya-instituta-publichnyh-slushaniy/viewer

***4-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угууларга катышуудан канааттанбаган жарандардын жүйөлөрү, 2018-жылдагы жана 2020-жылдагы корсөткүчтөр, пайыз менен***



***5-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угуулардын жыйынтыгында ЖӨБ органдары эсепке алган сунуштардын КР облустары боюнча үлүшү, пайыздар менен (Талас облусу кошулган жок, себеби маалыматтарды алууга мүмкүн болгон жок)***




бюджет боюнча коомдук угууларга катышуусунда туруктуу өсүш байкалып келди. Ал эми 2018-жылы Кыргыз Республикасы үчүн рекорддук 20 пайыздан ашты. КР Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, 2019-жылы коомдук угууларды 330 ЖӨБ органы өткөргөн. Угуулар негизинен элет жергесинде өткөн, ал эми катышуучулардын саны 28 миңден ашкан. Ошентип, жарандардын мындан ары да коомдук угууларга катышуусун сан жагынан көбөйтүү жарандардын катышуусун күчөтүү процессинин максатына айланбашы керек. Мындан ары сапатына көңүл буруу абзел. Коомдук угууларга жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун жаңы формаларын киргизүү зарыл.

Анын үстүнө мындан ары коомдук угуулардын катышуучуларынын саны көбөйөт деген ыктымалдуулук аз. Себеби ЖӨБ органдары катышууну каалагандардын көбү үчүн шарттарды түзүп берди. Ошондуктан иш-чара тууралуу маалыматтын жоктугу, билбегени катышуунун негизги себеби боло албайт. Муну коомдук угуу өтөөрү тууралуу билсе да, колу бош болбогондуктан бул иш-чарага катышпаган жарандардын саны көбөйүп жатканы тастыктап турат. 2018-жылы ушинтип жооп кайтаргандар 17,8 пайыз болсо, 2020-жылы мындайлар 24,5 пайызды түзгөн. Коомдук угуу өтөөрү тууралуу билбеген адамдардын үлүшү 3,4 пайызга; мындай иш-чараларга кызыкпагандардын үлүшү 3,3 пайызга азайган.

Ошентип, жарандардын коомдук угууларга катышуусунун мындан аркы деңгээли туруксуз болот деген божомол бар. Айталы, 2018-жылдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 2020-жылы коомдук угууларга болгон кызыгуу 1,6 пайызга түшүп кеткен. Эми ЖӨБ органдары угуулардын сапатына, өзгөчө угуулар маалында жарандардан түшкөн сунуштардын бюджетте эсепке алынышы үчүн жоопкерчиликке өтө көңүл бурууга тийиш.

Угуулардын сапаты жана сунуштардын эсепке алынышы келечекте жарандардын бюджеттик процесске катышуу каалоосуна олуттуу таасирин тийгизе турган факторлор. Угууларды өткөргөн алгачкы он жылда коомдук финансы өңдүү өтө так жана маанилүү маселени бийлик менен талкуулап алуу мүмкүнчүлүгү адамдарды шыктандырчу. Бирок убакыт өткөн сайын жарандар угуулардын иш жүзүндөгү жыйынтыгын көбүрөөк баалай баштады. Бул маанисинен алып караганда, жакшы кабар бар: угуулар институтунун өзүнө ишенбегендердин, угууларга катышкандардын каалоосу бюджеттин долбоорунда эсепке алынарына көзү жетпегендердин саны азайды – 8 пайыздан 4,2 пайызга түштү. Мындай динамика адамдарда өз пикирин жеткире алууга болгон ишеним өсүп жатканынан кабар берет. Жалпысынан бюджет боюнча угууларга катышып, ыраазы болуп калган адамдардын үлүшү бир кыйла жогору бойдон кала берүүдө. Мындайлар сурамжылоого катышкандардын 70 пайызын түзөт. Бирок 2020-жылы көп мезгилден бери болбогон көрүнүш байкалды: угуулардын жыйынтыгына канааттануу деңгээли 5,6 пайызга түшүп кетти.

Бюджеттик угууларга катышуу тажрыйбасына ыраазы болбогон жарандар муну төмөнкүдөй себептер менен түшүндүрүп беришти: бюджет түшүнүксүз жеткирилди (38,2%), иш-чара начар уюштурулган (17,2%), угуулар элдин арыз-датта-нуусу айтылган чогулушка айланып кетти (14,6%), угууларга катышкандардын сунуштары бюджетке таасирин тийгизген жок (13,4%), алып баруучу гана сүйлөй берди, жашоочуларга пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилген жок (12,7%).

Угуулар маалында жарандардан түшкөн сунуштардын эсепке алынышы тууралуу айта турган болсок, КР Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, ЖӨБ органдары түшкөн сунуштардын болжол менен 52 пайызын эсепке алган. Ошону менен катар Чүй жана Жалал-Абад облустарында жарандардан түшкөн сунуштардын 60 пайызга жакыны, Талас облусунда 70 пайыздан ашыгы эсепке алынган.

Адамдар адатта угуулар өтүп бүткөндөн кийин эле чукул реакцияны жана популисттик билдирүүлөрдү күтө турганы белгилүү. Бирок жергиликтүү деңгээлде, өзгөчө элеттик муниципалитеттердин деңгээлинде чукул убакыт ичинде реакция жасоо, тигил же бул сунушту аткарууга убада берүү мүмкүн эмес. Белгилүү болгондой, жергиликтүү бюджеттер-

де акча дайыма тартыш болуп турат жана муниципалдык лидерлер убадаларга өтө кылдат мамиле жасайт, алар бардык көйгөйлөрдү чечүү мүмкүн эместигин, ал эми бул үчүн жооп берчү күн алыс болбогонун жакшы билишет.

Ошентсе да, "бюджеттеги маалыматтарды түшүнгөн жокмун" деп жүйө келтиргендер көбөйүүдө. Ошентип, калктын жалпысынан финансылык сабаттуулугунун төмөн деңгээли, бюджеттик маалыматты окуй албаганы, түшүнбөгөнү угууларга катышуудан канааттанбагандыктын негизги себептеринин бири бойдон кала берүүдө.

Бул маселени гендердик таандыктыгы жагынан алып караганда, эркектерге караганда аялдар "угуулар маалында алып баруучу гана сүйлөй берди, жашоочуларга пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилген жок" деген жоопту көбүрөөк беришкен: 2020-жылы мындай жоопту аялдардын 19,4 пайызы, эркектердин 7,1 пайызы берген. Ошону менен катар эркектердин 45,9 пайызы, аялдардын 29,2 пайызы үчүн гана "бюджет түшүнүксүз болгон". "Угуулар элдин арыз-даттануусу айтылган чогулушка айланып кетти" деп эркектерге караганда аялдар көбүрөөк белгилешкен. Мындай пикирдеги эркектер 18,1%, ал эми аялдар 11,8 пайызды түзгөн. Ушундан улам мындай тыянак чыгарууга болот: мамлекеттик финансыны башкаруу маселесин аялдар эркектерден кем эмес билишет. Бирок талкуу процессинде аялдар дискриминацияны көбүрөөк байкашат, аялдар өз оюн толук жеткире албай калганын белгилешкен.

Мындан ары ЖӨБ органдары бюджеттик маалыматты жайылтуунун азыркыдан да жөнөкөй, жеткиликтүү механизмдерин киргизүүгө көбүрөөк аракет жасашы керек. Мисалы, жарандык бюджеттин онлайн форматын алалы. Бул форматты 2019-жылы ЖӨБ органдарынын 70 пайызы толтуруп чыккан. Бирок бардык эле жарандар ал тууралуу көп жакшы биле беришпейт жана анын жардамы менен өзүнүн муниципалитетинин бюджети тууралуу маалыматты ала алышпайт. Коомдук угууларга катышуунун сандык деңгээлине караганда, ЖӨБ органдары жарандардын пикирлерин жана каалоолорун эсепке алуунун сапаттуу индикаторлоруна көңүл бурушу керек. Мисалы, муниципалдык сайттар, "Вотсаптагы" тайпалар, сунуштар үчүн кутулар жана кайтарым байланыштын башка түрлөрү аркылуу онлайн баарлашуу жана сунуштарды алуу үчүн шарттарды түзүп берсе болот.

## Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жеке катышууга болгон даярдыгы

ЖӨБ органдарынын жарандар менен диалогду уюштуруу, өз ара байланыштын жаңы формаларын түзүү багытындагы аракеттери жамааттын жоопкерчилигин жогорулатат. Бул өтө маанилүү. Себеби чыныгы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттардан жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча, анын ичинде жоопкерчиликти өзүнө алып чечүүнү талап кылат. Мыйзамдардагы ченемдердин, коомдук суроо-талаптын таасири менен ЖӨБ органдары элдин үнүнө көбүрөөк кулак сала башташты. Ошол эле маалда жарандар да жамааттын өнүгүүсүнө даяр болгонун айтып жатышат.

Өз шаарынын же айылынын коомдук ишине жеке өзү катышууга даяр жарандардын катары калыңдап баратат. 2020-жылы сурамжылоого катышкандардын 64,8% мына ушундай пикирин айтышкан. Бул көрсөткүч 2018-жылга караганда 8,7 пайызга көбүрөөк (мурда коомдук угууларга катышууга көп учурда даяр болбогон жарандар эми оюн өзгөртүштү). Аны менен катар сурамжылоого катышкандардын дээрлик жарымы (47%) бул жаатта тажрыйбасы бар болгонун айтышкан.

Бул бир нерсени кыйыр түрдө тастыктап турат: барган сайын көбүрөөк жарандар жалпы жашоо шарттарын өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү бар болгонуна ишенип калышты. Ошол эле маалда көбүрөөк адамдар жергиликтүү өз алдынча башкарууга алардын жардамы керек болгонун түшүнүп, ошол себептен көмөк көрсөтүүгө даяр болуп турушат.

***6-диаграмма. Катышуу формаларынын алкагынан алып караганда, жарандардын коомдук иштерге катышуу деңгээли, 2018-2019-жылдар, пайыздар менен***



***7-диаграмма. ЖӨБго катышуу формасына карата шаарда жана айылда жарандардын тандоосу, пайыздар менен***




Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө даяр болгондордун үлүшү позитивдүү көрүнүш. Себеби өз-өзүнчө иш алып барганга караганда жамаат менен башкаруу органынын биргелешкен күч-аракети көбүрөөк натыйжа берет. Бирок бул ЖӨБ органдарынын алдына бир тапшырманы коюп жатат: алар адамдарды бул процесске катышуунун талаптагыдай уюштуруучулук формалары менен камсыз кылышы керек. Ошондой эле бул катышууга мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө көбүрөөк күч жумшоо зарыл. Муну менен жарандарга өз салымын кошууга мүмкүнчүлүк берип, ага баалоо жүргүзүп, бул ишине ыраазычылык билдирүүгө шарт түзүлөт.

Анын үстүнө жарандардын өнүгүүгө кошкон салымы канчалык маанилүү болгонун баса көрсөтүүдагы бир себептен улам маанилүү болуп турат: жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууну такыр каалабаган адамдардын үлүшү 1,5 пайызга болсо да көбөйдү. 2020-жылы мындайлардын саны 20 пайыздан ашты.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жеке өзү катышууга эркектерге караганда аялдар көп дилгир эмес. 2020-жылы эркектердин 58,5 пайызы коомдук иштерге катышса, аялдардын арасында мындай респонденттердин үлүшү 38,1 пайызды түзгөн. Муну эки себеп менен түшүндүрүүгө болот. Биринчиден, аялдар күнүмдүк көр тиричиликтен колу бошобойт, бул акы төлөнбөгөн жумуштар алардын болгон бош убактысын алып коюуда. Ушул убакытты алар коомдук иштерге жумшай алышмак. Экинчиден, коомдук турмушка жигердүү катышкан аялдарга карата терс маанай мурдагыдай бойдон кала берүүдө.

Жарандардын баамында, чогулуштар (54,5%) жана коомдук угуулар (15,1%) коомдук иштерге катышуунун эң эле популярдуу формасы болуп саналат. Аны менен катар, бюджет, тарифтер, кызмат көрсөтүүлөр жана жергиликтүү маанидеги башка маселелер боюнча коомдук угууларга катышкандардын үлүшү эки эсе көбөйдү. Бул болсо

***8-диаграмма. Жарандарда мониторинг жана баалоонун предметтеринин (темалардын) популярдуулук рейтинги, 2018-2020-ж.ж. пайыздар менен***



бир нерседен кабар берет: жарандардын катышуусу консультация берүү баскычынан чечимдерди биргелешип кабыл алуу баскычына өтүп баратат. Себеби чогулуштардан айырмаланып, угуулар жөн гана маалымат же кеп-кеңеш берүүгө эмес, конкреттүү чечим кабыл алууга багытталган. Жарандардын катышуусу барган сайын көбүрөөк натыйжалуу мүнөзгө ээ болгонун дагы бир көрүнүш тастыктап турат: жергиликтүү бюджеттин же тышкы жардамдын эсебинен каржылана турган долбоорду даярдап, тандап алууга катышкандардын үлүшү алты эсе көбөйдү.

***9-диаграмма. ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуу мүмкүнчүлүктөрү болуп-болбогону тууралуу жарандардын пикирлерин көрсөткөн динамика, 2018-2020-ж.ж., пайыздар менен***




Коомдук кеңештерге катышкандарды саны өтө кескин азайып кеткен көрүнүш да пайда болду. 2018-жылы катышуу формаларынын рейтингинде коомдук кеңештер экинчи орунду ээлеп, респонденттердин 30 пайыздан ашыгы ушул жоопту тандаган. Бирок эки жылдын ичинде коомдук кеңештердин популярдуулугу дээрлик эки эсе түшүп кетип, болгону 12 пайызы гана ушул жоопту тандаган. Мындай өзгөрүүнү позитивдүү көрүнүш катары бааласа болот. Себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мыйзамдык ыйгарым укуктарга ээ болгон эң маанилүү кеңеш бар – бул жергиликтүү кеңеш. Эгерде жергиликтүү кеңеш сапаттуу, толук кандуу иш алып барса, жарандарда кошумча кеңештерге катышуу зарылчылыгы деле болмок эмес.

Бирок чакан айылдарда ири муниципалитеттерге жана шаарларга караганда кырдаал бир кыйла айырмаланат. Чакан муниципалитетте жергиликтүү кеңеш коомдук кеңештердеги бардык муктаждыктарды камсыз кылууга жөндөмдүү. Бирок шаарда же ири муниципалитетте мындай кеңештер өзүн актайт. Ошондуктан шаарларда демилгелүү топтордун жана коомдук кеңештердин ишине катышкысы келген жарандар көбүрөөк. Ал эми айылдарда адамдар коомдук угууларга, ошондой эле каржылоо үчүн долбоорлорду даярдап, тандап алууга көбүрөөк катышат.

Өз шаарын же айылын көрктөндүрүү боюнча коомдук иштерге жеке өзү катышууга даяр жарандардын катары туруктуу түрдө калыңдап баратат. 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы бул көрсөткүч дагы 9,1 пайызга өсүп, 72,8 пайызды түзгөн. Иш жүзүндө жарандардын басымдуу бөлүгү өз муниципалитетин көрктөндүрүүгө жеке салымын кошууга даяр турат. Бул – өнүгүү потенциалы өтө жогору, ЖӨБ органдары үчүн даяр “армия”. Ошол эле маалда бул көрсөткүч Кыргызстан элинин биримдигин, коллективизмин, өзүнүн жашоосу үчүн гана эмес, болочок муундун жашоо шарты үчүн да жоопкерчилик сезими бар болгонун тастыктап

***10-диаграмма. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына канааттануу деңгээлинин динамикасы, 2007-2020-ж.ж., пайыздар менен***



***11-диаграмма. ЖӨБ органдарынын ачыктык деңгээли тууралуу жарандардын пикирлеринин динамикасы, 2007-2020-ж.ж., пайыздар менен***




турат. Буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдети – жарандарга бул үчүн эффективдүү мүмкүнчүлүктөрдү берүү. ЖӨБ органдары бул тапшырманы жарым-жартылай аткара алды десе болот. Анткени өз шаарын же айылын көрктөндүрүү боюнча коомдук иштерге жеке өзү катышкан адамдардын үлүшү да өсүп, 2020-жылы мындайлар 36,7 пайызды түзгөн. Башкача айтканда, ар бир үчүнчү кыргызстандык өзүнүн гана эмес, башканын да турмуш шартын жакшыртууга салым кошуп жатат.

Ошол эле маалда көрктөндүрүү боюнча иштерге даяр болбогон адамдардын саны аз да болсо (4 пайызга) көбөйдү. 2020-жылы мындайлар 16 пайызды түздү. Калгандары коомдук иштерге анда-санда гана катышып тургусу келет, айрымдары бул суроого жооп бере алышкан жок.

## Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуусу

ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү – Кыргыз Республикасындагы тары-

***12-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердеги каражатты сарптоонун артыкчылыктуу багыттары тууралуу жарандардын пикирлеринин динамикасы, 2007-2020-ж.ж.[1], пайыздар менен***




[1]2018-жылкы сурамжылоонун маалыматтары ылгап алууда ката кеткенине байланыштуу чыгарылды.

***13-диаграмма. ЖӨБ органдарынын ишине канааттануу деңгээлинин динамикасы, 2007-2020-жылдар, пайыздар менен***




хы терең коомдук иш болгонуна карабастан, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун эң оор өңүттөрүнүн бири. Жалпысынан адамдар "мониторинг" деген сөзгө көнүп калышты, адатта муну бийликтин үстүнөн көзөмөл жүргүзүү катары кабыл алышат. Себеби жарандардын дээрлик жарымы – 47,4% - мониторинг жана баалоого катышуу ниетин билдирген, болгону 7,3 пайызы гана бул суроого бир жактуу жооп бере алган эмес. Бирок мониторинг жана баалоонун предметтерине тереңирээк анализ жүргүзгөндө жарандардын ага катышууга даярдыгы жаатында олуттуу айырма келип чыгууда.

Ошентип, мониторинг жана баалоого катышуу ниетин билдиргендердин ичинен 70 пайыздан ашыгы ичүүчү суу менен камсыз кылуу (75,6%) жана таштанды жыйноо (71,1%) кызмат көрсөтүүлөрүнө карата жасагысы келет. Коомдук мониторинг үчүн темалардын рейтингинде булардын алдыга суурулуп чыгышы логикага сыйган көрүнүш. Себеби ичүүчү суу жана таштанды жыйноо – бул ар бир үй-бүлө күн сайын колдонгон кызмат көрсөтүүлөр. Ошондуктан ар бир адамдын бул кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө тынчсызданганы, аларга мониторинг жүргүзгүсү келгени турган иш.

Темалардын рейтингинде үчүнчү орунду долбоорлордун ишке ашырылуусуна мониторинг ээлейт. Мындай мониторинг жүргүзүүгө даярдыгын сурамжылоого катышкандардын 67,8 пайызы билдирген. Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарында көп жылдардан бери жарандарды түрдүү инфраструктуралык объекттерге, мисалы, мектептин ремонтуна мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө тартуу практикасы түптөлүп келген. Мониторингдин бул түрү көп деле кыйынчылыкты жаратпайт. Себеби жамааттын ичинде бул жумуштардын сапаттуу жана өз убагында жасалышына кызыкдар болгон адамдардын конкреттүү тобу бар. Мисалы, мектепти алалы, мугалимдер да, окуучулардын ата-энелери да мектеп өз убагында жана талаптагыдай ремонттолушуна абдан кызыкдар. Анткен менен, бул жерде бир нерсени түшүнүп алуу маанилүү: эгерде тыштан тартылган уюмдар, анын ичинде өнүгүү долбоорлору эмес, ЖӨБ органы заказчы болуп чыкса, жарандар тарабынан мониторингдин мындай түрүнүн эффективдүүлүгү бир кыйла жогору болот. Адамдар үчүнчү жакка караганда, ЖӨБ органдарына оңой таасир эте алат.

Жалпысынан ЖӨБ органынын ишине коомдук мониторинг жана баалоо жүргүзүү процесси татаалыраак. Мындай учурда мониторинг убакыт жагынан узакка созулат, ал эми баа берүү оор болуп калат. Себеби көзгө көрүнүп турган жыйынтыктар менен кошо башкаруу процессине да баа берилет. Мониторингдин мындай түрүнө катышууну каалаган адамдардын саны 2018-жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсе азайган. 2020-жылы мындай мониторинг жүргүзгүсү келгендер 37,4 пайызды гана түздү. Адамдар катышуунун бул түрү жеке убакытты көп талап кылаарын, документтер менен таанышып чыгууга, бул багытта жаңы билим алууга көбүрөөк күч-аракет кете турганын түшүнүп калышты.

Жарандардын мониторинг жана баалоого катышуу ниети ишке ашуусу үчүн ЖӨБ органы шарт түзүп бердиби же жокпу – буга байланыштуу адамдардын пикири маанилүү. Сурамжылоонун катышуучулары мүмкүнчүлүктөр кеңейгенин айтып жатышат. 2020-жылы ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктү көрүп тургандардын үлүшү 50 пайыздан ашты. Ушундан улам, албетте, мындай мүмкүнчүлүктү байкабаган же суроого жооп бере албаган адамдардын үлүшү да кыскарды.

### ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугунун деңгээли

Жарандардын басымдуу бөлүгү – 67,9% - жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына кайсы бир деңгээлде ыраазы. 2007-жылы бул багытта байкоо жасала баштагандан бери маалыматтын көлөмүнө жана сапатына ыраазы болгон жарандардын үлүшү туруктуу өсүп отуруп, 2020-жылы эки эсе көбөйдү. 2007-жылы 12% болсо, 2020-жылы 26,3 пайызды түздү. Маалыматтын көлөмүнө жана сапатына жарым-жартылай ыраазы болгон жарандардын үлүшүнө карата өсүш динамикасы да 2018-жылга чейин сакталды. 2018-жылы бул көрсөткүч тарыхый максимумду көрсөттү: маалыматка толугу менен же жарым-жартылай ыраазы болгондордун жалпы үлүшү 80 пайыздан ашкан. Бирок 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын сапатына жана көлөмүнө канааттанбаган адамдардын үлүшү кескин түрдө көбөйүп кетти. Ушул факт, буга кошумча 2020-жылы ЖӨБ органдары менен өз ара байланыш жана ишеним деңгээли салыштырмалуу түрдө кескин түшүп кеткени 2018-жыл Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыяланганына байланыштуу адамдарда пайда болгон үмүт акталбай калды деген божомолду тастыктагансып турат. Бирок, буга карабастан ЖӨБ тууралуу маалыматтын көлөмүнө жана сапатына ыраазы болгондордун үлүшүндө өсүш токтогон жок. Ошентсе да өткөн мезгилдерге салыштырмалуу анын ыргагы бир аз басаңдай түштү. Жарандарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматка карата көбүрөөк айкын пикир калыптана баштаганын белгилей кетүү зарыл: толугу менен ыраазы жана канааттанбагандардын саны өсүп жатат. Ошол эле кезде жарым-жартылай ыраазы же бул суроого жооп бере албагандардын саны азаюуда.

Кыргызстандын жарандарынын көбү – 65,7% - ЖӨБ органдары өз ишинде коомчулук үчүн кайсы бир даражада ачык деп эсептешет. 2009-жылга салыштырганда ЖӨБ органдары өз ишинде толугу менен ачык деп эсептегендер дээрлик үч эсе көп болуп калды (12 пайыздан 34,4 пайызга көбөйдү).

Алынган маалыматтарга жасалган анализ көрсөткөндөй, жарандар ЖӨБ органдарынан алган маалыматтын көлөмү жана сапаты алардын ачык-айкындуулук деңгээлин баалоого да таасирин тийгизет: адамдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына канааттануу деңгээли канчалык жогору болсо, ЖӨБ органдары өз ишинде ачык деп эсептегендердин катары да ошончолук калың болот.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө жалпы маалымдуулугун көрсөткөн дагы бир факт – жергиликтүү бюджеттеги каражат кандай максатта сарпталып жатканы тууралуу адамдардын маалыматка ээ болуусу.

12-диаграммада көрүнүп тургандай, жергиликтүү бюджеттердеги эң олуттуу чыгаша беренелери тууралуу адамдардын пикири өзгөрдү, болгондо да өтө катуу өзгөрдү. Айталы, 2007-жылы жарандардын 42 пайызы жергиликтүү бюджет кандай максатта сарпталып жатканын билчү эмес. 2020-жылы мындайлардын үлүшү 10 пайызга азайды. Мэриянын жана айыл өкмөтүнүн чыгымдары, көрктөндүрүүгө кеткен чыгашалар тууралуу пикир да абдан өзгөрдү. 2020-жылы жарандардын 34 пайызы көрктөндүрүүнү чыгашалардын артыкчылыктуу беренеси деп эсептейт. 2012-жылы бул көрсөткүч 12 пайызды гана түзчү. Ошондой эле айыл өкмөтүн жана мэрияны күтүүгө кеткен чыгашалар беренесин негизги деп эсептегендердин саны да абдан азайып кетти. Жалпысынан айтканда, 2007-жылга салыштырмалуу 2020-жылы адамдар жергиликтүү бюджеттердин чыгаша структурасы тууралуу көбүрөөк акылга сыярлык көз карашка ээ.

### Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине канааттануусу

2007-жылдан тартып жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон канааттануу деңгээли өсүп жатат. Бирок бул көрсөткүч туруктуу эмес жана салыштырмалуу жай өсүүдө. Бул жерде да ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлиндей эле 2018-жылдагы үмүттөр акталбагандан кийин көрсөткүч төмөндөп кетти. 2018-жылы тарыхый (байкоо жүргүзүлө баштаган учурдан берки) чоң көрсөткүч байкалган. Ошол жылы жарандардын 84% ЖӨБ органдарынын ишине канааттанаарын билдирген. Бирок чынында бул ишеним бийликке берилген аванс болчу. Себеби ошол жылы жалпы элде аймактарды өнүктүрүүнүн алкагында жергиликтүү жамааттарда да өзгөрүүлөр болот деген үмүт чоң эле.

Жалпысынан жарандар жергиликтүү өз алдынча башкарууга сейрек кайрылып калышты. Кайрылгандардын орточо саны бир кыйла эле кыскарды – 20,5 пайызга азайып, 2020-жылы 42 пайызды түздү. Акыркы 12 айдын ичинде мэриядагы же айыл өкмөтүндөгү кимдир бирөөгө аялдардан жана эркектерден тең санда кайрылуу болгон. Бирок маалыматкат алгысы келип кайрылгандардын саны олуттуу түрдө азайган. Бул фактынын артында санариптештирүү жана жарандардын документ үчүн кайрылууларынын санын кыскартууга багыт алган мамлекеттик саясат турганын белгилебей коё албайбыз. Алалы, жарандар ЖӨБ органдарына кайрылган себептердин жалпы структурасында 50 пайызга жакынын маалымкаттар, дагы 25 пайызга жакынын жеке себептер ээлечү. Дал ошондуктан маалымкаттар боюнча кайрылуулардын кескин азайышы бул көрсөткүчтөгү жалпы динамикага олуттуу таасирин тийгизди. Башкарууда санарип технологиялардын өнүгүүсү менен маалымкаттарга байланыштуу кайрылуулардын саны мындан ары да азая берээринен шек жок.

***14-диаграмма. Жарандардын ЖӨБ органына кайрылуусу үчүн себептердин салыштырмалуу рейтинги, 2018-2020-жылдар, пайыздар менен***




Бирок бул факт ЖӨБ органдарынын өзүнүн ыйгарым укуктарына байланыштуу кайрылуулардын саны азайды дегенди билдирбейт. Ошондуктан кайрылуу үчүн калган себептер анализ жүргүзүүгө кызыктуу болуп жатат. Бул тизмеде таза суу менен жабдуу маселеси, ошондой эле жергиликтүү салыктар жана жыйымдар талашсыз лидер болуп калышты. Аны менен катар, салыктар жана жыйымдар боюнча кайрылуулардын саны 2018-жылга салыштырмалуу олуттуу түрдө азайган. Бирок бул көрүнүштү эреже эмес, өзгөчө учур деп эсептесе болот. Себеби ЖӨБ органдарынын карамагында болгон дээрлик бардык маселелер боюнча кайрылуулардын саны көбөйүүдө. Мисалы, АЖМФ жерлери, муниципалдык жерди ижарага берүү же сатуу, көрктөндүрүү, турак жай берүү жана кармоо, көчөлөрдү, жолдорду жарыктандыруу, канализация жана таштанды жыйноо маселелери боюнча кайрылуулар көбөйдү. ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик чөйрөсүнө кирбеген маселелер боюнча кайрылуулар азая баштады. Мисалы, саламаттык сактоо, пенсиялык камсыздоо, сугат суу. Бул болсо адамдардын укуктук маданияты жогорулай баштаганынан кабар берет, алар конкреттүү маселе үчүн кайсы орган жооптуу болгонун бара-бара түшүнө баштады.

Ошондой эле жарандар өзүнүн добуш укугун да баамдай баштады, алар ЖӨБ органдарынын отчеттуулугуна көнүп келатышат. Жарандар кайсы маселелерге кызыкса, ошолорду ЖӨБ органдарынын алдына койгонду үйрөнүүдө. Себеби маалыматка болгон талап өсүп, конкреттүү артыкчылыктуу маселени чечүү боюнча талаптар да күчөдү.

Ошентип, кайрылуулардын рейтингинен маалымкатка байланышкан жана жеке маселелердин чыгарылганы ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарына тиешелүү маселелер боюнча кайрылган жарандардын саны көбөйгөнүн көрсөттү. Жарандардын бул кайрылуулардын жыйынтыгына канааттануусунун деңгээли өтө жогору болду – 90 пайыздан ашты. Санариптештирүүнүн жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктүн жакшыруусунун натыйжасында маалымкатка байланыштуу кайрылуулар азайды.

M

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык боюнча Башкармалыгы каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Долбоордун максаттуу муниципалитеттеринде Биргелешкен аракеттер планын (БАП) жана Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) иштеп чыгышты

Биргелешкен аракеттер пландары (БАП) же Социалдык-экономикалык өнүгүү программалары (СЭӨП) ар кайсы мезгилдерде иштелип чыккан.

**Биргелешкен аракеттердин планы –** бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосундагы диалогду куруу аспабы. Бул – жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун баштапкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү классификациялап, стратегиялык багыттарды аныктоого жол ачат. Бул пландын ишке ашырылышы үчүн жоопкерчиликтин кайсы бир бөлүгүн жамаат өзүнө алганы – анын өзгөчөлүгү. Жамаат менен ЖӨБ органынын биргелешкен аракети менен даярдалган БАП муниципалитеттин өнүгүү стратегиясынын же аны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планынын бир бөлүгү боло алат. Ошондой эле БАП айыл өкмөтүнүн (мэриянын) же жергиликтүү кеңештин жумушчу планынын бир бөлүгү болуп, өнүгүү жана башкаруу боюнча башка пландарга курама же негизги бөлүгү катары кошулушу мүмкүн.

**Айылдык аймактагы жергиликтүү жамааттын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (СЭӨП) –** бул муниципалдык саясатты стратегиялык пландоонун аспабы. Ал расмий документ түрүндө даярдалып, ишке ашыруу мөөнөттөрү чектелүү болот. Бул Программа шаардык же айылдык кеңештердин тийиштүү актысы менен бекитилет.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун[1] 27 максаттуу жана төрт өнөктөш муниципалитетинин аймагында (Ош облусунун Найман жана Ленин айылдык аймактары, Чүй облусунун Аламүдүн жана Ленин айылдык аймактары) 2020-жылдын апрель айынан июнь айынын этегине чейин өнүгүүнү биргелешип пландоо процесси болду. Ага жарандар жана ЖӨБ органдары катышты. Натыйжада жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер пландары (БАП) (үч учурда тең – Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (СЭӨП)) даяр болот. Бул артыкчылыктуу көйгөйлөр жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун (ЖМБА) жүрүшүндө белгилүү болгон.

[1] http://vap.kg/ru/geography/phase_2/

Жамааттар 2021-жылы, ал эми кээ бир жерлерде 2020-2022-жылдары чечилиши керек болгон артыкчылыктуу көйгөйлөрдү тандап алышкан.

Ишке тартылган ЖӨБ үчүн СЭӨПны даярдоо процессинде жаңы нерсе – мурда программаларды иш жүзүндө бир жооптуу кызматкер даярдачу. Эми болсо аны жумушчу топ иштеп чыгат. Бул топ ЖӨБ органынын аймакты өнүктүрүү боюнча элесине гана таянбастан, ошону менен бирге ишкерлердин, аны менен катар айыл чарба өндүрүшчүлөрүнүн пикирине да таянат. Алардын пикирилерин эсепке алуу менен документтин мазмуну түзүлөт. Ошондой эле буга чейин СЭӨП негизинен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, көбүнчө коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууга багытталчу. Эми болсо муниципалитеттер келечеги бар, жергиликтүү экономикалык өнүгүү дарамети байкалган стратегиялык багыттар боюнча өнүгүүнү пландаштырууда. Мисалы, биринчи кезекте инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгү реалдуу болгон, калк арасында ишкерлер демилге көтөргөн багыттар каралат. Айталы, Александровка айыл өкмөтү жемиш тазалоочу жана сактоочу жайларды өнүктүрүүнү колго алайын деп чечти. Себеби бул багытта жашоочулар демилге көтөрүп чыгышкан – чакан аянтчада жөнөкөй, жабдылбаган жемиш сактоочу жай ачылган эле. Эми ЖӨБ органдарынын жардамы менен аны заманбап талаптарга жооп берген ишканага айландырса болот. СЭӨПта жеңил конструкцияны орнотуу үчүн имарат жай, жер бөлүп берүү, электр жарыгы менен камсыздоо өңдүү колдоо көрсөтүү чаралары да каралат. Үчүнчү өзгөчөлүгү – жергиликтүү бюджет корголгон беренелерди каржылагандан кийин канча болсо ошончо калат деген калдык принциби боюнча түзүлбөйт. Эми бюджет өнүгүү принцибине ылайык түзүлө баштайт. Башкача айтканда, канча болсо, ошону менен гана бөлүшпөстөн, өнүгүү үчүн зарыл болгон чыгаша пландалууда. Бул болсо жергиликтүү бюджетке бейформал таңсыктык мүнөздү берүүдө. Б.а., жеке сектордун жана өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн катышуусу менен таңсыктыкты жабуу булактары аныкталат.

"ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы реалдуу отчеттуулугунун, ошондой эле жарандарды чечим кабыл алуу процессине тартуунун аспабына айланганы Пландын өзүнүн да, аны даярдоо процессинин да өзгөчөлүгү жана баалуулугу болуп калды. Бул процесске жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү катышты. Алар БАПты даярдоонун жүрүшүндө артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн пайда болуу себептерин гана аныктап чыкпастан, ошону менен бирге бул көйгөйлөрдүн айылдагы турмуш шартка келечекте тийгизчү таасирин, кесепеттерин болжолдоп, аларды чечүүнүн мүмкүн болгон бардык жолдорун талкуулап чыгышты. ЖӨБ органдары менен маморгандардын, жеринде кызмат көрсөткөн коомдук уюмдардын өз ара байланышы; ЖӨБ органдарынын өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын




аткарылышына бөлүнгөн каражат өңдүү бир топ маселелер да каралды. Жергиликтүү тургундардын пландоо процессине катышуусунун максатына жана маанисине өзгөчө көңүл бурулду. Себеби жарандардын катышуусу бул көйгөйлөрдү жашоочулардын көзү менен көрүүгө, ошондой эле аларды эл менен чогуу чечүүгө мүмкүнчүлүк берет. 27 муниципалитеттин ичинен үч айылдык аймак - Чүй облусунун Москва районундагы Александровка АА, Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Ак-Тал АА жана Ош облусунун Ноокат районундагы Көк-Жар АА СЭӨПны, калгандары БАПты даярдап чыгышты", - деп айтты ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖӨБ менен иштөө боюнча адиси Роза СУРАНЧИЕВА.

БАПтын структурасы 2019-жылдын этегинде жана 2020-жылдын башында өткөрүлгөн ЖМБА иш-чараларынын натыйжасында аныкталган көйгөйлөрдү сүрөттөп берүүдөн, бенефициарлардын санынан, максаттардан жана тапшырмалардан, иш-чаралардан, аткаруу мөөнөттөрүнөн, ресурстардан жана жооптуу адамдардан турат. Мындан кийин бардык иш-аракеттер бекитилген документтерге ылайык жасалмакчы.

БАПтын жана СЭӨПнын долбоорлорун макулдашуу максатында ар бир муниципалитетте маалыматтык өнөктүктүн алкагында жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү менен талкуулар өткөрүлөт. Уюштуруучулардын айтымында, бул жылы жашоочулар өз сунуштарын жана ой-пикирлерин "Вотсап" аркылуу жибере алышат. Ошондой эле YouTube каналында БАПтын презентациясы жайгаштырылды (#БАП), жашоочулар ал жерге да пикир жаза алышат. Мындан тышкары айыл өкмөтүнүн же мэриянын имараттарында атайын куту болот, ага да сунуштарды таштап койсо болот. М



# COVID-19 пандемиясынын шартында жарандарды Биргелешкен аракеттери пландарын (БАП) жана Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын (СЭӨП) даярдоо процессине тартуу

Жергиликтүү маанидеги бардык актуалдуу маселелерди жергиликтүү тургундар менен талкуулап, иш-аракеттерди пландоо канчалык маанилүү болгонун баамдап, Ош, Чүй жана Нарын облустарындагы 27 максаттуу жана төрт өнөктөш элеттик жана шаардык муниципалитеттин ЖӨБ органдары COVID-19 пандемиясына байланыштуу коопсуздук чараларын эсепке алуу менен, өтө маанилүү документтерди бардык мүмкүн болгон жолдор менен талкуулап жатышат. Бул жолу коомдук угуулардын жана элеттик чогулуштардын ордуна ЖӨБ органдары Интернеттин күчүн колдонуп жатышат – алар БАПтын жана СЭӨПнын долбоорлорун маалымат такталарына илип, веб-сайттарына жайгаштырып, YouTube каналына презентациялык материалдарды киргизип, аларга шилтемелерди “Вотсап” аркылуу таратып чыгышты.

“ЖӨБ органдары муниципалитеттердин Биргелешкен аракеттер пландарынын жана Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын долбоорлорун талкуулоо ачык жана жеткиликтүү болушу үчүн ушул учурда мүмкүн болгон бардык чараларды көрүштү. ЖӨБ органдары жарандарды ар кандай ыңгайлуу жана жеткиликтүү жолдор менен өз сунуштарын берүүгө чакырышты. Жергиликтүү тургундар YouTube сайтына пикирин калтырса болот, “Вотсап” аркылуу билдирүү жибере алышат, же болбосо кагазга жазып, кутуга салып койсо болот. 2020-жылы пандемия маалында чогулуштарга чектөөлөр киргизилген шартта, ошондой эле Санариптештирүү жана аймактарды өнүктүрүү жылында мындай механизм кеңири жайылат деген үмүт бар. Бул бир жагынан сыноо иретинде киргизилип жатат, ал мындан ары жарандар үчүн канчалык ыңгайлуу болуп, иштеп кетээрин убакыт көрсөтөт”, - деп айтты ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары Сабина ГРАДВАЛЬ.

Максаттуу муниципалитеттин – Кемин шаарынын айыл өкмөтүнүн жана мэриясынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу органдарынын жооптуу кызматкерлери белгиленген мөөнөткө чейин сунуштарды жана комментарийлерди кабыл алышат. Бул күн качан бүтөөрү тууралуу бардык жарандарга таратылып берилген кулактандырууда жазылган.

Жарандардан түшкөн сунуштарды чогултуп чыккандан кийин атайын түзүлгөн Жумушчу топтор алардын баарын карап чыгып, жергиликтүү кеңештердеги тийиштүү туруктуу комитеттер аркылуу депутаттардын жыйынына алып чыгышат. Андан кийин жергиликтүү кеңештер сунуштарды кошуу же кошпоо тууралуу чечимди кабыл алып, бул чечимин негиздеп беришет. Ошондон кийин бул сунуштарды берген, суроо узаткан жарандарга жооптор даярдалып, аларга жеткирилип берилет. Иштин бул бөлүгү айыл өкмөтүнүн жана мэриянын күчү менен жасалмакчы. Бекитилген пландар да муниципалитеттердин веб-сайттарына жайгаштырылып, аларга шилтемелер “Вотсап” аркылуу таратылып, маалымат такталарына илинет.